ЭП

ЭКОНОМИКА жана ПРОГРЕСС

Ж. С. ЛАЙЛИЕВ

ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

ФРУНЗЕ 1979

Ж. С. ЛАЙЛИЕВ

ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

333 ББК 65.9(2)—5
Л 18

Лайлиев Ж.

Л 18 Эмгек өндүрүмдүүлүгү деген эмне?— Ф.: Кыргызстан, 1979.—80 бет.— (Экономика жана прогресс).

Китепчеде айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгүн белгилөө, аны чөнөөнүн методдору жана өндүрүштүн натыйжалуулугуна тийгизген таасири автор тарабынан кеңири изилденген.

Китепче айыл чарбасында эмгектенишкен адистерге, экономикалык билимдердин пропагандисттерине арналат.

333
ББК 65.9(2)—5

Л $\frac{40104—167}{М\ 451/17/—79}$ - 103.79.3801010000

© «Кыргызстан» басмасы, 1979-ж.

КИРИШ СӨЗ

Өнүккөн социализмдин этабында, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү түздөн-түз ишке ашырылып жаткан кезде социалисттик экономиканы өнүктүрүүнүн динамизми эл чарбасынын бардык звенолорунда коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жана иштин сапатын олуттуу түрдө жогорулатууну башкы милдет катарында коюп отурат. Азыркы шарттарда өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн милдетин белгилөө менен бирге жолдош Л. И. Брежнев партиянын XXV съездине КПСС Борбордук Комитетинин отчеттук докладында мындай деп көрсөткөн: «Өлкөнүн алдында турган эң эле ар түрдүү экономикалык жана социалдык милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн эмгек өндүрүмдүүлүгүн тездик менен өстүрүп, бүткүл коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун кескин жогорулатуудан башка жол жок. Натыйжалуулукка таянуу — бул жөнүндө кайта-кайта айтууга туура келип отурат — бүткүл биздин экономикалык стратегиябыздын эң маанилүү составдык бөлүгү болуп саналат».

Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруу индустриялуу негизде ургалдуу түрдө, тез жана туруктуу темптер менен өнүгүп жаткан жогорку продуктулуу жана жогорку натыйжалуу айыл чарбасын түзгөн учурда гана мүмкүн. Айыл чарбасын туруктуу жогорулатуу, анын натыйжалуулугун арттыруу милдети КПССтин XXV съезди тарабынан жалпы мамлекеттик, жалпы элдик милдет катарында коюлуп отурат.

КПССтин XXV съездинин чечимдеринде КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленуму тарабынан иштелип чыккан партиянын азыркы агрардык саясаты онунчу беш жылдыктын жана алыскы перспективанын милдеттери-

не ылайык келгидей түрдө дагы да өнүгүшкө жана ачык-айкындыкка ээ болду. КПССтин азыркы агрардык саясаты илимий негиздүүлүгү, маселени чечүүгө комплекстүү мамиле кылышы жана өлкөбүздүн ар түрдүү региондорунда айыл чарба өндүрүшүнүн шарттарын жана жетишилген тажрыйбаларды катуу эсепке алышы менен мүнөздөлөт. Коммунисттик партиянын азыркы агрардык саясаты жаңы тарыхый шарттарда агрардык маселе боюнча В. И. Лениндин окуусунун уландысы жана чыгармачылык өнүгүшү болуп саналат. Учурдагы агрардык саясатты иштеп чыгуу менен бирге партия өнүккөн социализмдин шарттарында эл чарбасынын бардык тармактарын, өзгөчө анын негизги чөйрөлөрүн комплекстүү жана ырааттуу өнүктүрүүнү ишке ашырбай, туура пропорцияларды белгилебей туруп бүткүл социалисттик экономиканы тез темптер менен өстүрүүнү жана анын натыйжалуулугун олуттуу түрдө жогорулатууну камсыз кылуу мүмкүн эмес экендигине негизденет. Узак мөөнөттүү комплекстүү агрардык саясатты мына ушундай коюу өнөр жай жана айыл чарба эмгегинин ортосундагы социалдык-экономикалык айырмачылыктарды, өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жана технологиялык негиздери ортосундагы жана шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы орчундуу айырмачылыктарды жоюуну камсыз кылат. Мында партия жетилген социализмди куруунун жылдарында түзүлгөн өлкөнүн эбегейсиз зор экономикалык потенциалын жана өндүрүш мамилелеринде болуп өткөн социалдык-экономикалык өзгөрүштөрдү эске алат. Бул планда өнүккөн социалисттик экономика эл чарба милдеттеринин бүткүл комплексин кеңири чечүүгө, ошондой эле өнөр жайдын тездик менен өсүшүн, айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн бир кыйла көбөйтүүнү жана элдин жыргалчылыгын тынымсыз жогорулатууну камсыз кылууга мүмкүндүк бере тургандыгы жөнүндөгү корутундунун зор мааниси бар.

Азыркы убакта, эбегейсиз зор материалдык ресурстар селодогу өндүргүч күчтөрдү мындан ары өнүктүрүүгө жумшалып жатат. «Азыркы этапта айыл чарбасын мындан ары да жогорулатуунун проблемасы — деп белгилеген жолдош Л. И. Брежнев КПСС БКнын октябрь (1976-ж.) Пленумунда бул баарынан мурда анын натыйжалуулугун жогорулатуу проблемасы болуп сана-

лат. Жалпы милдетти мына мындай түшүндүрүүгө болот: айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн мамлекет тарабынан бөлүнүп берилген эбегейсиз зор ресурстарды акылэстүүлүк менен сарамжалдуу пайдаланып, жерге чарбачылык менен мамиле кылып, анын ар гектарынан, жумшалган ар бир сомдон, жер семирткичтеринин ар бир тоннасынан максималдуу киреше алууга жетишүү керек».

XXV съездге КПСС БКнын отчеттук докладында белгиленгендей азыркы шарттарда айыл чарбасын өнүктүрүүдө «партия эки өз ара байланыштуу максатты коюп отурат. Биринчиси: өлкөнү азык-түлүк жана айыл чарба сырьёсу менен ишеничтүү түрдө жабдууга жетишүү, бул үчүн дайыма жетиштүү резервдерге ээ болуу. Экинчиси: шаар менен айыл-кыштактын материалдык жана маданий-тиричилик турмуш шарттарын жакындатуу жолу боюнча улам алга карай баруу болуп саналат, мунун өзү биздин программалык милдетибиз болуп саналат».

КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленуму тарабынан иштелип чыккан партиянын азыркы агрардык саясаты 30-жылдарда айыл чарбасын коллективдештирүү жеңгенден кийин социалисттик айыл чарбасын өнүктүрүүдө көрүнүктүү саясий жана экономикалык окуя болду.

Кийинки мезгилдерде партиянын комплекстүү агрардык программасын туруктуу жана ырааттуулук менен ишке ашыруунун натыйжасында айыл чарбасын өнүктүрүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу жагынан бир кыйла оң жылыштарга жетишилди. Азыр айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруу процессин тездетүү жана анын продуктуулугун жогорулатуу бекем негизге коюлган. Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүнүн басымдуу түрдө ургаалдаштыруу методуна өтүү турмушка ашырылгандыгын белгилеп кетүү маанилүү. КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленумунан кийинки мезгилдин ичинде өндүрүштү өстүрүүнүн ургаалдуу факторлору басымдуулук кыла баштады. Мисалы, ургаалдуу факторлордун — эгин талааларынын түшүмдүүлүгүн жана мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатуунун, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен 1965—1974-жылдарда айыл чарба продукциясынын 75 процентке өсүшүнө жетишилди. Андан кийин айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн бүткүл өсүшү жалаң гана

ургаалдуу факторлордун эсебинен, эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен жогорулатуунун эсебинен жетишилип келе жатат.

Бул китепчеде автор эмгек жана анын өндүрүмдүүлүгү жөнүндө, өсүп жаткан эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жалпы экономикалык закону жөнүндө, социалисттик айыл чарбасында анын көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө, колхоздор менен совхоздордун экономикасын жогорулатууда жана анын натыйжалуулугун өстүрүүдө эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн мааниси жөнүндө популярдуу формада түшүндүрүүгө аракеттенген. Автордун пикири боюнча бул китепче окурмандардын кеңири чөйрөсүнө: колхоз-совхоз өндүрүшүнүн кызматкерлерине, айыл чарба адистерине, экономикалык билим берүү мектептеринин пропагандисттерине жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун жана экономикасынын маселелерине кызыккандардын бардыгына арналган.

1. ЭМГЕК ЖАНА АНЫН КООМДУК МҮНӨЗҮ

Адамдардын коомунун өнүгүшү бул үчүн зарыл материалдык жыргалчылыктар болгон учурда гана мүмкүн. Бул жыргалчылыктарга ээ болуу үчүн адамдар эмгектенишип, аларды өндүрүүгө тийиш. К. Маркс көрсөтүп кеткендей, эмгек дегенибиз адамдын максатка ылайыктуу жана коомго пайдалуу иш-аракеттери болуп саналат, ал өз керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана маданий жыргалчылыктарды жаратууга багытталган. «Эмгек — деп белгилеген Ф. Энгельс, — ар кандай байлыктын булагы... Ал бүткүл адамзаттын турмушунун биринчи негизги шарты болуп саналат..., эмгек адамдын өзүн жараткан деп белгилүү ойлонуу менен айтууга тийишпиз».[1]

Коом үчүн материалдык жыргалчылыктарды өндүрүү процессинде адам жана анын эмгеги бир тарапта турат, ал эми экинчи тарабында — жаратылыш жана анын заттары орун алган. Мына ошентип адам менен жаратылыштын ортосунда зат алмашуунун жалпыга бирдей негизи болуу менен бирге эмгек адам баласынын турмушунун түбөлүктүү жана зарыл шарты болуп эсептелет. Мунун өзү материалдык байлыктарды өндүрүү боюнча эмгек процессинде анын негизги моменттери (эмгектин өзү, анын буюмдары жана куралдары) анын коомдук формасына жана жолуна карабастан өндүрүштүн өзгөрүлбөс факторлору болуп санала тургандыгы менен байланышкан.

Материалдык байлыктарды өндүрүү үчүн адамдын эмгеги менен бирге эмгек буюмдары жана каражаттары (куралдары) болууга тийиш. Эмгек буюмдары болуп эмгек каражаттары (куралдары) аркылуу адамдын эм-

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Жыйнактар, 20-т., 486-бет.

гегинин таасирине дуушар болгон жаратылыш заттары эсептелет. Эмгек каражаттары (куралдары) болуп машиналар, аспаптар, жабдуулар ж. б. эсептелет, булардын жардамы менен адам баласы аларга таасир көрсөтүп түрүн өзгөртөт, аларды өзүнүн керектөөлөрүнө ылайыкташтырат. Эмгек каражаттары менен буюмдары биригип өндүрүш каражаттарын түзөт. Өндүрүш каражаттарында эмгек куралы негизги ролду ойнойт.

Материалдык байлыктарды өндүрүү процессинде жумушчу күчү өзүн активдүү элемент катарында көрсөтүп, коомдун негизги өндүргүч күчү болуп саналат; ал өндүрүш каражаттары аркылуу жаратылыш заттарынын түрүн өзгөртүп, адамдын белгилүү керектөөлөрүн канааттандырууга жөндөмдүү материалдык жана маданий байлыктарды жаратат. Жумушчу күчү деп коомдун мүчөлөрүнүн белгилүү керектөөлөрүн канааттандырууга жөндөмдүү кандайдыр бир материалдык байлыктарды өндүрүүгө багытталган адамдын физический жана рухий жөндөмдүүлүктөрүнүн бирикмесин айтабыз.

Материалдык байлыктарды өндүрүү боюнча эмгек процессинде эмгек куралдары (каражаттары) жана анын буюмдары өндүрүш каражаттарын түзөт да, эмгек болсо өндүргүч эмгек катарында болот. Өндүргүч эмгек материалдык байлыктарды жараткандыктан ал мунун негизинде түздөн-түз материалдык байлыктар өндүрүлбөгөн адам баласынын иш-аракеттеринин дагы башка чөйрөлөрүндө да эмгектин аракеттениши үчүн база болуп саналат. Ошондуктан өндүрүмдүү жана өндүрүмсүз эмгек деп ажыратышат, бирок өндүрүмсүз эмгек да коомго пайдалуу болуп, анын процесси өндүрүштүн материалдык жана өндүрүмсүз чөйрөлөрүндө ишке ашырылат.

Бирок адамдар өздөрүнө зарыл болгон материалдык байлыктарды жалгыздап өндүрбөстөн топ-тобу менен, коом-коом болуп чогулуп өндүрүшөт, ошондуктан өндүрүш дайыма жана бардык коомдук-экономикалык формациялардын тушунда коомго таандык болот, ал эми эмгек — коомдук адамдын иш-аракети болуп саналат. Материалдык жана маданий байлыктарды чогултуп, топ-тобу менен, коом-коом болуп өндүрүү үчүн адамдар биргелешкен эмгек иш-аракеттерди жана анын натыйжаларын алмашууну жүргүзүү үчүн өз ара биригүүгө тийиш. Материалдык жана ма-

даний байлыктарды өндүрүү, бөлүштүрүү, алмаштыруу жана керектөө процессинде адамдар өздөрүнүн эркине жана аң-сезимине карабастан өз ара белгилүү коомдук мамилелерди сөзсүз түзүшөт, бул мамилелер аркылуу, К. Маркстын айтуусу боюнча «...алардын жаратылышка болгон мамилелери түзүлгөн». Бул мамилелер өндүрүштүк же экономикалык мамилелер болуп саналат. Эмгек процессинде адамдардын мындай өз ара мамилелери жана өз ара байланыштары эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшү менен түшүндүрүлөт, ошондуктан алардын эмгеги коомдук эмгек катарында болот. «...Демек адамдар кандай гана болбосун бири-бирине иштегендиктен алардын эмгеги коомдук формага ээ болот»[1]. Мына ошентип коомдук эмгек болуп коомдук өндүрүштүн процессинде өз ара байланышкан адамдардын эмгеги эсептелет.

Эмгек процесси ар түрдүү коомдук байланыштар менен мамилелерде, адамзат коомунун өнүгүшүнүн тарыхый-конкреттүү коомдук формасында ишке ашырылат. Адамзат коомунун ар бир ачык-айкын коомдук формасы эмгектин өзүн жана өндүрүш каражаттарын бириктирүүнүн өзүнө мүнөздүү жолуна ээ. К. Маркс «Бул бириктүүнү ишке ашырган ошол өзгөчө мүнөз жана жол коомдук түзүлүштүн айрым экономикалык доорлорун айырмалайт»[2].

Демек эмгектин коомдук мүнөзүнүн спецификалык белгилери өндүрүштүн конкреттүү жолу менен, өзүнө мүнөздүү өндүрүштүк мамилелер, тигил же бул конкреттүү коомдук-экономикалык формация үчүн мүнөздүү болгон өндүрүш каражаттары менен жумушчу күчүн бириктирүүнүн өзгөчө мүнөзү жана жолу менен аныкталат. Жалпы, абстрактуу мааниде алганда өндүрүштүн бардык жолдору үчүн бирдей болгон эмгектин мүнөзүнөн айырмаланып, эмгектин коомдук мүнөзү алардын ар бири үчүн мүнөздүү келип, өндүрүштүк мамилелерге жараша өзгөрүп турат.

Ар түрдүү коомдук-экономикалык формацияларда эмгектин коомдук мүнөзү же түздөн-түз же кыйыр түрдө билинет. Мисалы, социализмдин тушунда эмгектин коомдук мүнөзү түздөн-түз көрүнүп турат, анткени мында ассоциацияланган өндүрүшчүлөрдүн эмгеги өндүрүш

---

[1] К. Маркс. Капитал. 1-т., 1949, 78-бет.
[2] К. Маркс, Капитал. 2-т., 1949, 32-бет.

каражаттарына коомдук менчиктин негизинде жүргүзүлөт да, жеке бир кишинин иши эмес бүткүл коомдун иши болуп саналат. Капитализмдин тушунда тескерисинче эмгектин коомдук мүнөзү кыйыр түрдө товарларды алмаштыруу аркылуу билинет, бул товарларды өндүрүү бүткүл капиталисттик коомдун иши эмес айрым жеке менчик өндүрүшчүлөрдүн иши болуп саналат, мында өндүрүш каражаттарына жеке менчик үстөмдүк кылат. Ар кандай өндүрүш жолунун өндүрүштүк же экономикалык мамилелеринин негизи болуп өндүрүш каражаттарына болгон менчик эсептелет.

Капитализмдин тушунда өндүрүштүк мамилелердин экономикалык негизи болуп өндүрүш каражаттарына жеке капиталисттик менчик эсептелет. Капитализмдин тушунда коомдук эмгектин мүнөзү капиталисттик өндүрүш мамилелери, капиталисттик коомдун негизги экономикалык закону, кошумча нарк закону менен аныкталат, бул закон К. Маркс тарабынан өндүрүштүн капиталисттик жолунун абсолюттук закону катарында белгиленген [1]. Капитализмдин тушунда өндүрүш процессинде жумушчу күчүн өндүрүш каражаттары менен бириктирүү жумушчу күчүн өзгөчө товар катарында капиталисттин сатып алышы-сатышы түрүндө болот. Мунун өзү жумушчу күчүн аёосуз эксплуатациялоого негизделген эмгекти капиталисттик уюштуруунун мажбурлоо жана антогонисттик мүнөзүн белгилейт, бул болсо жумушчулардын жана киптализттердин таламдарынын таптык карама-каршылыгына объективдүү түрдө шарт түзөт. Жалданма жумушчулар тарабынан жаратылуучу кошумча наркты максималдуу алуу эмгекти жана өндүрүштү капиталисттик уюштуруунун бирден бир максаты болуп саналат.

Капитализмден айырмаланып социалисттик өндүрүштүк мамилелердин экономикалык негизи болуп өндүрүш каражаттарына коомдук, социалисттик менчик эсептелет. Ошондуктан эмгекти жана өндүрүштү социалисттик уюштуруу баарынан мурда өндүрүш каражаттарынын коомдоштурулушу, капиталисттик жеке менчиктин жоюлушу жана адамды адамдын ар кандай эзүүсүнүн жок кылынышы менен айырмаланат. Социализмдин тушунда эмгек жалпыга бирдей, ыктыярдуу, аң-се-

[1] К. Маркс. Капитал 1-т., 1949, 624-бет.

зимдүү, план ченемдүү болуп саналат, аны уюштуруу илимий негизге баш ийдирилген. Социализмдин тушунда өндүрүш каражаттарына коомдук менчиктин негизинде эмгектин жалпыга бирдейлиги, ыктыярдуулугу жана план ченемдүүлүгү эмгекти социалисттик уюштуруунун эң олуттуу белгилери болуп саналат, бирок ошону менен бирге алар коомдун бардык мүчөлөрүнө эмгек кылуу үчүн бирдей жана толук укук берет.

Биздин өлкөбүздө эмгек кылуу укугу, ар кандай капиталисттик өлкөдөн айырмаланып, социалисттик мамлекеттин конституциясы менен гарантияланат, мунун өзү биздин социалисттик коомубуздун эбегейсиз зор жетишкендиги жана артыкчылыгы болуп саналат. СССРдин жумушчулары менен кызматчылары өзүнүн эмгек кылуу укугун мамкелеттик ишканалар менен уюмдарда, ал эми колхоз дыйкандары коллективдүү чарбаларда иш жөнүндөгү эмгек келишимин түзүү жолу менен ишке ашырышат.

Социалисттик коом өнүккөн сайын СССРдин конституциясы тарабынан гарантияланган граждандардын негизги укуктары толукталып, кенейтиле берет. Бул жөнүндө КПССтин XXV съездинин принципиалдуу чечимдерине ылайык иштелип чыккан жана 1977-жылы 7-октябрда СССР Жогорку Совети тарабынан кабыл алынган СССРдин жаңы конституциясы ачык-айкын далил болот. Мына ушул өзгөчө маанилүү саясий документте өнүккөн, жетилген социализмди куруу ишиндеги өлкөбүздүн ийгиликтери официалдуу чагылдырылып, социалисттик түзүлүштүн жалпы принциптери гана белгиленип тим болбостон, ошону менен бирге СССРдин граждардарынын турмуш-тиричилигинин жана иштеринин негиздерине тиешелүү социалдык-экономикалык укуктарынын кеңири комплекси да каралган. Болгондо да өнүккөн социализмдин этабында биздин өлкөбүздүн граждандарынын укуктары ого бетер терең жана мазмундуу боло баштады, ал эми аларга берилген материалдык гарантиялар бир кыйла толук жана салмактуурак көлөмгө ээ болду. Мисалы жаңы конституцияда өнүккөн социализмдин негизги закону тарабынан гарантияланган СССРдин граждандарынын эмгек кылуу укуктары шыктуулугуна, жөндөмдүүлүгүнө, кесиптик даярдыгына, билимине ылайык жана коомдук керектөөлөрдү эске алуу менен кесипти жана кызматты тан-

доо укугу менен толукталды. Өнүккөн социалисттик коомду курган СССРдин жаңы конституциясын (Негизги закондун) кабыл алуу социалисттик демократияны дагы да кеңейтүүдө жана бардык советтик адамдардын эмгегинин натыйжалуулугун жогорулатууда маанилүү жол көрсөткүч болуп саналат.

Жогоруда белгиленип кеткендей, бардык материалдык байлыктарды, мунун ичинде эң зарыл айыл чарба продуктыларын түзүүнүн булагы болуп эмгек эсептелет. Эмгек канчалык өндүрүмдүү болсо, башкача айтканда продукциянын бирдигин өндүрүүгө ал канчалык аз жумшалса же жумуш убактысынын бирдигинде продукция канчалык көп иштелип чыкса, социализмдин шарттарында ар бир эмгекчинин жана жалпысынан бүткүл коомдун турмушу ошончолук оокаттуу боло баштайт. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн деңгели жана темптери менен коомдук өндүрүш процесстеринин бардык жактары — анын натыйжалуулугу, өндүрүлүүчү продукциянын көлөмү, зарыл накоплениелердин өлчөмдөрү, кызматкерлердин эмгек акысы жана өндүрүштү дагы да кеңейтүү тыгыз байланышкан. Эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулаган сайын өндүрүштүн көлөмү көбөйүп, өндүрүштүн чыгымдары жана элдик керектелүүчү товарлардын чекене баалары төмөндөйт, тармактардын кирешелүүлүгү, эмгек акы жана капиталдык салымдарга жумшалуучу каражаттардын өлчөмү тынымсыз өсүп турат.

Ошондуктан социалисттик жана коммунисттик курулуштун бардык этаптарында Коммунисттик партия эл чарбасынын тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн проблемасына зор көңүл буруп келген жана буруп жатат. Азыркы убакта, коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн ургаалдуу фактору экономиканын натыйжалуулугун бардык чаралар менен жогорулатууда аныктоочу факторго айланып отурган кезде биздин өлкөдө коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөштү күчөтүү эл чарбалык өзгөчө маанидеги биринчи даражалуу милдетке айланды.

Маркстик-лениндик илимди жетекчиликке алуу менен Коммунисттик партия өлкөнү өнүктүрүүнүн ар бир тарыхый этабына белгилүү мезгилде экономиканы өнүктүрүүнүн жалпы закон ченемдүүлүгүн жана өзгөчөлүктөрүн, коомдун жетилген керектөөлөрүн жана аларды иш-

ке ашыруу үчүн реалдуу өбөлгөлөрдү бардык жагынан эске алуучу узак мөөнөттүү экономикалык саясатты иштеп чыгарат. Партиянын экономикалык саясаты социализмдин экономикалык закондорун сезимдүү түрдө эсепке алууга жана колдонууга, социалисттик түзүлүштүн артыкчылыктарын улам эң толук пайдаланууга негизделген.

КПССтин XXV съездине КПСС БКнын отчёттук докладында мындай деп көрсөтүлгөн: «Партиянын ар кандай стратегиясы сыяктуу эле экономикалык стратегиясы да милдеттерди коюудан, фундаменталдуу, узак мөөнөттүү максаттарды көздөөдөн башталат. Алардын ичинен элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгелин кыйшаюусуз жогорулатуу эң жогорку милдет болгон жана милдет болуп кала берет. Экономикалык стратегия коюлган максаттарды ишке ашырууга алып келүүчү жолдорду, каражаттарды так аныктоону да өз кучагына алат. Буга — коомдук өндүрүштү ургаалдуу жана пропорционалдуу түрдө өнүктүрүү, анын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, илимий-техникалык прогрессти, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү тездетүү, эл чарбасынын бардык звенолорунда иштин сапатын бардык чаралар менен жакшыртуу кирет»[1].

Өнүккөн социализмдин мезгилинде социалисттик курулуштун бардык этаптарындагыдай эле партиянын экономикалык саясатынын жогорку максаты болуп совет элинин турмуш деңгелин кыйшаюусуз жогорулатуу адамды бардык жагынан чыгармачылык түрдө өнүктүрүү, коомдук мамилелерди жана жашоонун социалисттик жолун өркүндөтүү үчүн зарыл шарттарды түзүү эсептелген жана ошол бойдон кала берет. Ошондуктан азыркы шарттарда өлкөнүн эл чарбасын ургаалдуу өнүктүрүү жагынан ири ийгиликтердин жана анын зор масштабдуулугунун натыйжасында партия элдин жыргалчылыгын өстүрүүгө байланыштуу көптөгөн ар түрдүү милдеттерди чечүүгө экономиканы эң терең буруну камсыз кылууга умтулууда.

Элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгелин кыйшаюусуз жогорулатуу социалисттик коомдун өндүргүч күчтөрүн бардык жагынан өнүктүрүүгө жана

---

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. «Политиздат» басмасы, М., 1976, 39—40-беттер.

өстүрүүгө, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө, экономиканын натыйжалуулугун дагы да жогорулатууга түздөн-түз байланышкан. Демек өлкөнүн экономикалык күч-кубатын бардык чаралар менен арттыруу, бардык тармактарда илимий-техникалык прогрессти тездетүү, негизги өндүрүштүк фондуларды кеңейтүү жана түп тамырынан бери жаңыртуу, эл чарбасын, өзгөчө бүткүл экономиканын негизи болгон оор өнөр жайын туруктуу жана ырааттуулук менен өстүрүүнү камсыз кылуу партиянын экономикалык стратегиясынын өзөгү болуп саналат.

Биздин өлкөбүздүн өнүгүшүнүн бардык этаптарында экономика коммунисттик курулуштун алдыңкы аныктоочу звеносу болгон жана болуп кала берет. Мунун өзү материалдык өндүрүштү өнүктүрүү адамдын ишаракетинин негизги чөйрөсү болуп саналгандыгы жана «коомдун бардык мүчөлөрүнүн толук жыргалчылыгын жана эркин, бардык жагынан өрчүп-өнүгүшүн»[1] камсыз кылуу максатында турмуштун бардык башка жактарын кайрадан түзүүнүн жана өркүндөтүүнүн негизи болуп кызмат кыла тургандыгы менен түшүндүрүлөт.

Партиянын XXV съездинин эбегейсиз зор милдеттерин турмушка ийгиликтүү ашыруу менен совет эли Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгын салтанаттуу түрдө майрамдады. 60 жыл тарыхтын көз карашынан алып караганда өтө эле кыска мөөнөт. Ошондой болсо да мына ушул тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде СССРде күч-кубаттуу экономика түзүлдү, бул жөнүндө төмөндөгү көрсөткүчтөр далил болот. Эгер 1913-жылы Россиянын өнөр жай өндүрүшүнүн бүткүл көлөмү дүйнөлүк өнөр жай продукциясынын 4 процентин гана түзгөн болсо тогузунчу беш жылдыктын аягында СССР дүйнөлүк өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн болжол менен 20 процентин жасап чыгарган. Азыркы убакта СССР көмүр, болот, минералдык жер семирткичтерин, цемент жана трактор жасап чыгаруу боюнча дүйнөдө биринчи орунду, ал эми өнөр жай продукциясы, машина куруу, химия өнөр жайы жана электр энергиясы боюнча экинчи орунду бекем ээлеп келе жатат. Советтер Союзунун экономикасы өнүккөн капиталисттик өлкөлөргө салыштырганда бир кыйла жогорку

[1] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 6-т., 232-бет.

жана туруктуу темптер менен өнүгүп жатат. Мисалы, кийинки 25 жылдын ичинде СССРдин улуттук кирешесинин өсүш темптери АКШныкына салыштырганда 2,6, өнөр жай продукциясыныкы — 2,5, айыл чарба продуктыларыныкы — 2, коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгү — 2,8 эсе жогору болгон. Ушул мезгилдин ичинде АКШнын жана башка негизги капиталисттик өлкөлөрдүн экономикасы бир нече жолу орчундуу экономикалык кыйынчылыктарга дуушар болгон. 1974-жылдын экинчи жарымынан баштап капиталисттик Батышта инфляция, кымбатчылык жана жумушсуздардын жогорку деңгели менен кошо терең экономикалык кризис башталган. 1976-жылдын орто ченинде 1975-жылдын ошол эле мезгилине салыштырганда өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү АКШда 6 процент, ФРГ менен Англияда — 10 процент, Японияда 12 процент төмөндөгөн.

Өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүүнүн көлөмү жана күчү боюнча тогузунчу беш жылдык өзгөчө зор жана укмуштуудай мааниге ээ болду. 1971—1975-жылдардын ичинде өнөр жай продукциясынын, капиталдык салымдардын абсолюттук өсүшү, калктын жыргалчылыгын жогорулатууга жумшалган мамлекеттин ассигнованиелери өткөн беш жылдыктарга салыштырганда эң жогорку өлчөмдө камсыз кылынды. Онунчу беш жылдыктын башында өлкөнүн улуттук байлыгы 2 триллион сомго, ал эми аракеттеги негизги фондулар 1258 млрд. сомго жеткен, мунун өзү 1913-жылдагы падышалык Россиядагыга салыштырганда 25 эсе көптүк кылат. 1976-жылдын башында негизги өндүрүштүк фондулар 807 млрд. сомду түзгөн.

Материалдык өндүрүш тармактарынан өнүккөн социализмдин азыркы кубаттуу экономикасынын негизи болуп саналган өнөр жай өндүрүшү эң зор өнүгүшкө ээ болду. Өлкөнүн өнөр жайында азыркы убакта 48 миңге жакын ишканалар иштеп жатат. 1971—1975-жылдардын ичинде гана 2 миңге жакын ири өнөр жай ишканалары жана бир кыйла сандагы жаңы цехтер менен өндүрүштөр курулуп ишке киргизилди.

Калктын жыргалчылыгын олуттуу түрдө жогорулатууга багытталган социалдык-экономикалык чаралардын илимий жактан негизделген эбегейсиз зор программасын ишке ашыруу социалисттик айыл чарбасынын натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатканда гана мүм-

күн болот. Партиянын XXV съезди өлкөбүздүн айыл чарбасынын алдына дыйканчылыктын жана мал чарбасынын продуктыларын өндүрүүнү кескин көбөйтүүнүн, ошону менен бирге анын бардык тармактарын тездик менен өнүктүрүүнүн, айыл чарба өндүрүшүн бардык чаралар менен ургаалдаштыруунун негизинде колхоздор менен совхоздордо өндүрүштүн натыйжалуулугун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатуунун милдетин койду.

Экономиканы өнүктүрүүнүн азыркы этабында, өлкөдө эл чарбасынын бардык тармактарындагы илимий-техникалык революцияны тездик менен ишке ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр болуп турган кезде Коммунисттик партия айыл чарбасын индустиялаштырууга, ошонун өзү менен аны жакын аранын ичинде жаңы техникалык негизге көчүрүүгө бет алды. Мунун өзү жакын арадагы келечекте айыл чарбасынын көптөн бери созулуп келе жаткан артта калуусу жоюлуп, аны өнүктүрүүнүн жогорку жана туруктуу темптери камсыз кылынып, дыйканчылык жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө, илимий-техникалык прогресстин негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жетишилет дегендикке жатат. Мында Коммунисттик партия айыл чарбасынын өнүгүү темптери, анын бир катар маанилүү продуктыларын өндүрүүнүн өсүшү азыркы улам өсүп жаткан талаптардан бир канча артта калып келе жаткандыгын, ал эми натыйжалуулук али да болсо жетиштүү түрдө жогору эмес экендигин эске алып келген. Айыл чарбасын жана өнөр жайын өнүктүрүүдө узак убакыттан бери зарыл пропорционалдуулук болгон эмес. Айыл чарба өндүрүшүн өстүрүү темптеринин басаңдашы бүткүл өнөр жайды, өзгөчө элдик керектелүүчү буюмдарды жасап чыгаруучу тармактарды өнүктүрүүнүн темптерине түздөн-түз таасирин тийгизген жана тийгизип жатат.

Социалисттик айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жогорку жана туруктуу темптерин камсыз кылуу, анын натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуу азыркы этапта коммунисттик курулуштун эң маанилүү милдети болуп саналат. Ага негизинен айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоонун жана аны бардык чаралар менен ургаалдаштыруунун эсебинен же-

тишилүүгө тийиш. Айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана аны ырааттуулук менен ургаалдаштыруу боюнча чараларды ишке ашыруу колхоз-совхоз өндүрүшүн өнүктүрүүнүн жогорку темптерин, анын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылат. Ошонун өзү менен коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруу жолу боюнча советтик коомдун алга карай мындан ары да жылышында маанилүү кадам шилтеген болот.

КПССтин Пленумдары, партиянын XXIV жана XXV съезддери тарабынан иштелип чыккан айыл чарбасын өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү комплекстүү программасын ырааттуулук менен ишке ашыруу бул милдетти чечүүнүн негизи болуп саналат. КПСС БКнын март (1962-ж.) Пленумунан кийинки мезгилдин ичинде өлкөбүздүн бүткүл айыл чарба өндүрүшүнүн масштабында ири социалдык-экономикалык жана уюштуруучулук чаралардын комплексин жүргүзүү анын материалдык-техникалык базасын мындан ары чыңдоого, айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүгө, аны өстүрүүнүн темптерин жана натыйжалуулукту жогорулатууга көмөк көрсөттү. Кийинки мезгилдин ичинде өлкөнүн айыл чарбасында капиталдык салымдар бир кыйла көбөйдү. Зор кубаттуулуктагы тракторлорду, комбайндарды, суу жаадыруучу установкаларды, дагы башка айыл чарба техникасын, минералдык жер семирткичтерин жеткирүү кескин түрдө өстү. Айыл-кыштактардагы эмгекчилердин материалдык жактан кызыкчылыгын жогорулатуу боюнча маанилүү социалдык-экономикалык чаралар ишке ашырылды.

Азыркы убакта өлкөбүз эбегейсиз зор өндүрүштүк ресурстарга, илимий-техникалык жана экономикалык потенциалга ээ болду, булардын бардыгы, КПССтин XXV съездинин чечимдеринде жана КПСС БКнын июль жана ноябрь (1978-ж.) Пленумдарынын материалдарында белгиленип кеткендей, социалисттик экономиканы, коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүн мындан ары да жогорулатууну камсыз кылуу үчүн эң зор экономикалык натыйжалуулук менен пайдаланылууга тийиш.

2. ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН БАРДЫК ЧАРАЛАР МЕНЕН ЖОГОРУЛАТУУ — КООМДУК ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУНУН ЭҢ МААНИЛҮҮ ШАРТЫ

Коомдук эмгекти жумшоонун экономикалык натыйжалуулугунун теориясынын негизги жоболору марксизмдин-ленинизмдин негиз салуучулары тарабынан түзүлгөн. Алар коомдук эмгекти жумшоонун экономикалык натыйжалуулугун сан жагынан чеңөөнүн жана баалоонун зарылчылыгын бир нече жолу көрсөтүшкөн. Эмгек өндүрүмдүүлүгү эң маанилүү экономикалык категориялардын бири болуп саналат. Анын мазмуну, илимий түшүнүгү К. Маркс тарабынан «Капиталда» бардык жагынан ачык-айкын көрсөтүлгөн, анда «өндүргүч күч дайыма пайдалуу, конкреттүү эмгектин өндүргүч күчү болот да, чындыгыда белгилүү убакыттын ичинде максатка ылайыктуу өндүргүч иш-аракеттердин натыйжалуулугунун даражасын гана аныктайт»[1] деп айтылган.

Коомдун экономикалык өнүгүшүндө В. И. Ленин коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун проблемасына өзгөчө зор маани берген. Ал «эмгек өндүрүмдүүлүгү, бул акыр-аягында жаңы коомдук түзүлүштүн жеңиши үчүн эң маанилүүсү эң башкысы болуп санала тургандыгын»[2] көрсөткөн. Андан ары В. И. Ленин «Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу эң негизги милдеттердин бирин түзөт, анткени мунсуз коммунизмге биротоло өтүү мүмкүн эмес»[3] деп белгилеген. К. Маркс, Ф. Энгельс жана В. И. Ленин өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу проблемаларына арналган изилдөөлөрдү атайын жүргүзүшпөсө да жогоруда келтирилген пикирлер алардын коомдук эмгектин жана өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун чеңөөнүн методдорун жана мазмунун аныктагандыгы жөнүндө далил болот.

Мына ошентип коомдук эмгектин жана өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу, марксизмдин-ленинизмдин негиздөөчүлөрүнүн аныктамасы боюнча, коомго керектүү өндүрүш каражаттарын жана

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 23-т., 55-бет.
[2] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 39-т., 21-бет.
[3] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 38-т., 97-бет.

керектөө буюмдарын өндүрүүдө жумуш убактысын үнөмдөө дегендикке жатат жана продукциянын бирдигине карай алганда тирүү жана затка айландырылган эмгектин чогуу жумшалышын кыскартууга ылайык келет. Демек экономикалык натыйжалуулук марксизм-дин-ленинизмдин классиктери тарабынан өндүрүштүн пайдалуу натыйжасынын аны алууга эмгектин чогуу чыгымдалышына болгон катышы катарында түшүндүрүлөт. К. Маркс коомдук көз караштан алып караганда эмгек өндүрүмдүүлүгү аны үнөмдөө менен кошо өсө тургандыгын көрсөткөн, бул үнөмдөөгө өндүрүш каражаттарын үнөмдөө гана кирбестен, ошону менен бирге ар кандай пайдасыз эмгекти жоюу да кирет. Коомдук өндүрүштү өнүктүрүүдө бардык социалдык-экономикалык формациялар үчүн коомдук эмгектин жана өндүрүштүн натыйжалуулугу боюнча «чыгымды» эң аз жумшоо болот. Бирок ушул бирдиктүү жүйөөлүү тенденциянын формасы өндүрүштүн ар түрдүү жолдору үчүн түрдүүчө колдонулат. К. Маркс «капиталисттик өндүрүштүн туруктуу ролу авансыланган капиталды минимум жумшоо менен кошумча наркты максимум өндүрүүдө»[1] экендигин көрсөткөн. Мында капиталисттик өндүрүштүн натыйжалуулугунун шарты капиталды минимум жумшоо менен максимум кошумча нарк алуу болуп саналат. Ал эми социализмдин тушундагы абал таптакыр башкача. Мында натыйжалуулуктун ченеми түздөн түз социалисттик өндүрүштүн максатына негизденет да, коомдук эмгектин чыгымдалышына карай улуттук кирешени өндүрүүнү бардык чаралар менен көбөйтүүнү көздөйт.

Эмгектин жана өндүрүштүн социалисттик уюштурулушу өндүрүштүн капиталисттик жолундагы уюштуруудан таптакыр түп тамырынан бери айырмаланат. Бул айырма баарынан мурда эмгекке кызматкерлердин мамилесинен көрүнүп турат.

Өндүрүш каражаттарына коомдук менчик орнотулуп, эмгек өзүнүн социалисттик коомуна, коллективге, өзүнө ишгелип жаткан жана адамды адам эзүү биротоло жок кылынган социализмдин тушунда жеке коллективдүү, жана коомдук таламдардын айкалышуусунун

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 26-т., II-бөлүм 608-бет.

жаңы формалары келип чыгып, дагы да зор өнүгүшкө ээ болду, мунун өзү капитализмдин тушунда жок жана болушу да мүмкүн эмес.

Өндүрүштүн капиталисттик жолунун тушунда жалданма жумушчу өзүнүн жеке эмгегинин натыйжасына гана таламдаш болот, анткени ушул натыйжага гана анын материалдык жактан камсыз болушу байланыштуу, себеби анын жана үй-бүлөсүнүн мындан башка кирешеси жок жана болушу да мүмкүн эмес. Капитализмден айырмаланып, социализмдин шарттарында ар бир эмгекчи өзүнүн жеке эмгегинин натыйжаларына гана эмес, ошону менен бирге өзү иштеген коллективдин, тармактын жана бүткүл эл чарбасынын эмгектик жетишкендиктерине да түздөн-түз таламдаш болот. Мунун өзү бардык эмгекчилердин жана айрым жеке жумушчунун реалдуу кирешелери, алардын турмуш деңгелин мындан ары жогорулатуунун мүмкүндүктөрү өлкөнүн бүткүл экономикасынын натыйжалуулугун жогорулатуунун жана өнүктүрүүнүн даражасына көп жагынан байланыштуу.

Өнүккөн жана жетилген социалисттик коомду түзүүнүн шарттарында, эбегейсиз зор экономикалык потенциал түзүлүп-отурган кезде өндүрүштүн көлөмүн жана улуттук кирешени мындан ары да көбөйтүү улам барган сайын советтик адамдардын эмгегинин натыйжалуулугуна жараша болот. Өндүрүш процессинде белгилүү натыйжага ээ болууга эмгектин ар кандай натыйжалуулугу менен жетишилиши мүмкүн. Өндүрүш процессинде адамдардын эмгегинин натыйжалуулугунун ченеминин дал өзү эмгек өндүрүмдүүлүгү болуп саналат.

Ошентип, эмгек өндүрүмдүүлүгү деген эмне жана анын деңгели кандайча ченелет?

Эмгек өндүрүмдүүлүгү деп өндүрүш процессинде анын натыйжалуулугун же жумуш убактысынын бирдигинин ичинде (саат, күн, жыл) материалдык байлыктардын белгилүү өлчөмүн өндүрүүгө конкреттүү эмгектин жөндөмдүүлүгүн айтабыз. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели жумуш убактысынын бирдигинин ичинде өндүрүлгөн продукциянын саны менен ченелет. Жумуш убактысынын бирдигинде продукция канчалык көп өндүрүлгөн болсо, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели ошончолук жогору болот. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели продукциянын бирдигин өндүрүүгө жумшалган

жумуш убактысынын саны менен да эмгекти талап кылуучулук туюнтулат. Продукциянын бирдигин өндүрүүгө жумуш убактысы канчалык аз жумшалса, эмгек өндүрүмдүүлүгү ошончолук жогору, продукциянын эмгекти талап кылуучулугу ошончолук аз болот. Демек бул көрсөткүчтөрдүн экөө тең эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелин жана чоңдугун бирдей көрсөтөт. Эл чарбасынын бардык чөйрөлөрүндө кызматкерлердин эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели канчалык жогору болсо, коом үчүн зарыл болгон материалдык байлыктар — өндүрүш каражаттары менен элдик керектелүүчү буюмдар ошончолук көп өндүрүлөт. Мында аларды өндүрүү боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү канчалык жогору болсо, алардын дүң (өндүрүш каражаттары) жана чекене баалары ошончолук арзан болот, мунун өзү акыр-аягында эмгекчилердин реалдуу кирешелерин жогорулатууга жана элкөбүздүн экономикалык күч-кубатын өстүрүүгө оң таасирин тийгизет.

Колхоздор менен совхоздордо, фабрикалар менен заводдордо, белгилүү кызматкердин жумушчу ордунда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели жумуш убактысынын бирдигинде (иштеп чыгаруу) жумушчу же колхозчу өндүргөн продукциянын саны менен бааланат. Бул учурда кеп жекече эмгектин өндүрүмдүүлүгү же башкача айтканда тирүү, конкреттүү эмгектин өндүрүмдүүлүгү жөнүндө болуп отурат. Бирок ар кандай башка продукция сыяктуу эле айыл чарба продукциясын өндүрүүгө айыл чарба кызматкерлеринин накта же тирүү эмгеги гана эмес, ошону менен бирге тракторлорду жана башка айыл чарба машиналарын жасап чыгарган металлургдар менен машина куруучулардын эмгеги, нефть чыгарып, күйүүчү май өндүрүүчү нефтчилердин эмгеги, жер семирткичтерин өндүрүп жаткан химиктердин эмгеги жумшалат ж. б. Бул эмгек машиналар, күйүүчү майлар, жер семирткичтер, жабдуулар жана башка өндүрүш каражаттары жана шаймандары аркылуу колдонулат, дал ошондуктан аны өткөн же өндүрүш каражаттарына айландырылган (буюмдаштырылган) эмгек деп аташат. Мына ошентип социализмдин тушунда эмгектин азыркы коомдук бөлүштүрүлүшүнүн шарттарында тиги же бул продукцияны жаратуу өндүрүш үчүн зарыл болгон эмгектин конкреттүү жана пайдалуу түрлөрүнүн биргелешкен жыйындысынын натыйжа-

сы болуп саналат. Ошондуктан тирүү конкреттүү эмгектин натыйжалуулугун көрсөтүүчү жекече же тирүү эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жана тирүү, буюмдаштырылган эмгектин бардык чыгымдарынын, башкача айтканда биргелешкен чогуу эмгектин чыгымдарынын натыйжалуулугун көрсөтүүчү коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүн ажырата билүү маанилүү. Тирүү конкреттүү эмгектин өндүрүмдүүлүгү өнөр жай, айыл чарба ишканаларында, комплекстеринде жана бирикмелеринде, ошондой эле курулуштарда өндүрүштүн натыйжалуулугун аныктоо, кызматкерлердин зарыл санын белгилөө, кызмат экы фондусун, өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркын жана башка сапаттык көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн кеңири пайдаланылып жаткан эң маанилүү экономикалык көрсөткүч болуп саналат. Коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү бир кыйла кеңири болуп, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет, анткени анын өсүшү бүткүл эмгектин бардык чыгымдарынын үнөмдөлүшү дегендикке жатат.

Коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жалпы тенденциясы мына бул жол менен билинет: продукциянын бирдигиндеги тирүү эмгектин үлүшү азаят да, ал эми каражаттарга жана материалдарга айландырылган өткөн эмгектин үлүшү көбөйөт, болгондо да продуктынын бирдигиндеги эмгектин жалпы суммасы кыскаргандай көбөйөт. Мындан төмөндөгүдөй корутунду келип чыгат: эл чарбасынын ар кандай башка тармактарындай эле айыл чарбасында да эмгектин техникалык жактан куралданышынын деңгели канчалык жогору болсо, өткөн, буюмдаштырылган эмгектин жумшалышын кыскартуу эмгекти үнөмдөөдө ошончолук зор роль ойнойт. Бирок ошондой болсо да продукция өндүрүүдө тирүү эмгектин үлүшүн кыскартуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн туруктуу өстүрүүнү камсыз кылууда анын ролун деги эле кемитпей, кайра жогорулата тургандыгын белгилеп кетүү керек. Мында тирүү эмгектин кыскаруучу саны өткөн, буюмдаштырылган эмгектин улам көбөйүп жаткан санын кыймылга келтирүү боюнча уюштургуч ролду ойнойт, мунун өзү анын өндүргүч күчүнүн өсүшү жөнүндө далил болот. Ал эми коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун экономикалык мазмуну тирүү эмгектин өндүргүч күчүн жогорулатууда гана эмес, ошону менен бирге андан кем эмес дара-

жада бардык чаралар менен үнөмдөө жана чарбаны сарамжалдуу жүргүзүү жолу аркылуу өткөн, буюмдаштырылган эмгектин жумшалышын кыскартууда да турат.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу — адамзат коомунун бардык коомдук-экономикалык формацияларына мүнөздүү болгон жалпыга бирдей жана объективдүү экономикалык закон болуп саналат, аны К. Маркс жогорулап жаткан эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн экономикалык закону деп атаган. Ал жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн закону «өндүрүш каражаттарынын улам өсүп жаткан массасы коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн натыйжасында адам күчүн улам барган сайын аз чыгымдоо менен кыймылга келтириле тургандыгына шарт түзгөн закон» катарында аракеттене тургандыгын белгилеген.

Улам жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жалпыга бирдей экономикалык закону — адамзат коомунун кыймылынын, өндүргүч күчтөрдүн үзгүлтүксүз прогрессинин жана өндүрүш мамилелеринин закону дегендикке жатат. Адамзат коомунун бүткүл тарыхы ошол эле убакта өндүргүч күчтөрдүн ырааттуу жана кыйшаюусуз өнүгүшүнүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн тарыхы да болуп саналат. Марксизмдин-ленинизмдин негиз салуучулары ар бир келерки коомдук түзүлүш эмгек өндүрүмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн, өндүргүч күчтөрдү өстүрүү үчүн кеңири мейкиндикти камсыз кыла тургандыгынын аркасында мурдакы түзүлүштү жеңип чыгат деп үйрөтөт. Мына ошентип адамзат коомунун жалпыга бирдей экономикалык закону дайыма жашашын жашап бүткөн эски коомдук-экономикалык формациянын жаңы формация менен алмашуусунун башталышында болуп турат.

Бирок улам жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн экономикалык закону болуу менен ал ар түрдүү коомдук-экономикалык формацияларда түрдүүчө аракеттенет. Мында улам жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жалпыга бирдей законунун колдонулушундагы айырмачылыктын башкы себеби болуп, белгилүү учурда белгилүү өлкөдө үстөмдүк кылган өндүрүштүк мамилелер жана өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн деңгели эсептелет. Ошондуктан өндүрүштү жүргүзүүнүн жолдору ар түрдүү болгондо коомдук эмгектин өндүрүмдүү-

лүгүн өстүрүүнүн мүнөзү да, анын социалдык натыйжалары да, эмгекчилердин абалына тийгизген таасири да бирдей болбойт. Мисалы, капитализмдин тушунда улам жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн закону абсолюттук мааниге ээ эмес. Жеке менчиктин үстөмдүк кылышы, өндүрүштүн анархиясы, конкуренция, экономикалык кризистер жана өнөкөт болуп калган жумушсуздук эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө тоскоолдук болуп, анын өсүшү туруксуз, бир калыпта эмес секирик сымал мүнөздө болот.

Социалисттик өндүрүштүк мамилелер системасы капиталисттик системадан айырмалануу менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн тынымсыз жана туруктуу түрдө өстүрүү үчүн эң кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Социализмдин тушунда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүнүн даражасынын барып турган жалпы көрсөткүчү болуп саналат да, коомду экономикалык жана социалдык өнүктүрүүдө аныктоочу ролду ойнойт. Кеп мааниси мында: өнүккөн социализмдин мезгилинде коомдук продуктынын көлөмүн жана улуттук кирешени көбөйтүү негизги эки фактордун: эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жана материалдык байлыктарды жаратуучу кызматкерлердин санын өстүрүүнүн эсебинен ишке ашырылат. Кийинки мезгилде материалдык өндүрүштүн кызматкерлеринин санынын өсүшү бир кыйла кыскарууда. Ошондуктан эл чарба тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн деңгели коомдук дүң продуктыны жана улуттук кирешени план ченемдүү түрдө өстүрүүнү камсыз кылууда, ошондой эле коомдук тынымсыз өсүп жаткан керектөөлөрүн канааттандырууда чечүүчү мааниге ээ. Өнүккөн социализмдин этабында, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн натыйжасында андагы иштеген кызматкерлердин саны системалуу түрдө кыскарып жаткан кезде жана айдоо аянттарын кеңейтүүнүн мүмкүнчүлүгү дээрлик түгөнгөндө айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн ролу өзгөчө зор. Ошондуктан мында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү тармактын улуттук кирешесин жана дүң продукцияны өстүрүүнүн башкы чечүүчү фактору болуп саналат. Өндүргүч күчтөр дагы да өнүккөндө продукцияны жана улуттук кирешени өстүрүүнүн улам барган сайын зор бөлүгү дал коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жолу менен

камсыз кылынат. Мисалы, 1971—1975-жылдарда өлкөбүздө коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен өнөр жай продукциясынын өсүшү 84 процент, улуттук кирешенин өсүшү 80 процент жана айыл чарба продукциясынын өсүшү 100 процент болду. 1976—1977-жылдарда улуттук кирешенин өсүшү 75 процентке жетти. Коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү 1971—1975-жылдарда 20 миллион кишинин, ал эми 1976—1977-жылдарда 7 миллион кишинин эмгегин үнөмдөп калууну камсыз кылды. 1976—1977-жылдарда коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен коомдук продуктынын материалды талап кылуучулугу төмөндөдү, мунун натыйжасында сырьёну, материалдарды, отунду жана башка эмгек буюмдарын үнөмдөө болжол менен 5 млрд. сомду түздү. Онунчу беш жылдыкта эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен улуттук кирешенин өсүшү 85—90 процентке жетет, бул болсо өлкөнүн эл чарбасы боюнча чогуу алганда 25 миллиондон ашуун кызматкерлердин эмгегин үнөмдөп калууга мүмкүндүк берет.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун проблемасынын өзгөчө зор эл чарбалык мааниси жөнүндө төмөндөгү маалыматтар да далил болот. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир гана процентке жогорулатуу өлкө боюнча бүтүндөй алганда жылына 5,0 млрд. сомдук өнөр жай продукциясын ашык жасап чыгаруу дегендикке жатат, мунун өзү Тальятти шаарындагы Волжск автозаводу сыяктуу биздин индустриябыздын алпынын наркынан 2,5 эсе ашып түшөт же Красноярск ГЭСи сыяктуу энергетикалык алптардан алтыны куруу үчүн же болбосо 600 миң квартира куруу үчүн жетиштүү. Бүтүндөй алганда өлкөбүздүн эл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жылына бир процент көбөйтүү улуттук кирешени 3,7 млрд. сом суммасында өстүрүүгө мүмкүндүк берет, ал эми өлкөнүн экономикасынын бардык тармактары боюнча материалдык чыгымдарды бир гана процентке азайтуу улуттук кирешени 4 млрд. сомго көбөйтүүнү камсыз кылат. Демек эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу законунун эл чарбалык мааниси баарынан мурда мында: коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү кеңири кайрадан өндүрүүнүн жана эмгекчилердин материалдык жана маданий керектөөлөрүн эң толук канааттандыруунун негизги фактору болуп саналат. Социализм-

дин тушунда, өзгөчө анын жетилген деңгелинин этабында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу «биринчи экономикалык закон» болуп эсептелет, анткени ал чындыгында эл чарбасын өнүктүрүүнүн башкы каражаты болгон жумуш убактысын үнөмдөө дегендикке жатат. Муну марксизмдин-ленинизмдин негиз салуучулары бир нече жолу баса белгилешкен. Мына ошентип эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн гана эмес, ошону менен бирге кошумча продуктынын массасынын, өзгөчө өндүрүштү кеңейтүү үчүн пайдаланылуучу анын топтолуу бөлүгүнүн да чечүүчү каражаты болуп саналат. Ал эми мунун өзү өз кезегинде экономиканы мындан ары да өстүрүүнүн, илим менен маданиятты өнүктүрүүнү, өлкөбүздүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоону камсыз кылат.

Совет бийлигинин алгачкы күндөрүнөн тартып эле Коммунисттик партия эл чарбасынын тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу проблемасына зор эл чарбалык маани берип келе жатат. В. И. Ленин эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү коомдук прогресстин чечүүчү өбөлгөсү катарында, социалисттик жана коммунисттик түзүлүштүн жеңишинин эң негизги шарты катарында караган. Ал мындай деп жазган: «Капитализм крепостнойлуктун тушунда болуп көрбөгөн эмгек өндүрүмдүүлүгүн түздү. Социализм жаңы, бир далай эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн түзүп жаткандыктан капитализм биротоло жеңилиши мүмкүн жана биротоло жеңилет. Мунун өзү — эң кыйын жана эң узакка созулган иш, бирок ал башталды, эң негизгиси мына ушунда»[1].

СССРдин өнөр жайында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасында аны өстүрүү темптерин үзгүлтүксүз жогорулатуу мүнөздүү болуп саналат. Мына ушундай узак убакыт бою өнөр жайда эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн мындай жогорку жана тынымсыз темптерин экономикалык жактан эң өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн бири да билбейт.

Азыркы убакта эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн темптери жагынан туруктуу артыкчылык кылуунун аркасында Советтер Союзу өнөр жайдагы анын деңгели боюнча Англияны, Францияны жана ФРГны куып же-

[1] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 39-т., 21-бет.

тип, алардан ашып кетти жана бул көрсөткүч боюнча АКШ менен тарыхый түзүлгөн айырманы бир далай кыскартты. Эгер революцияга чейинки Россиянын өнөр жайында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели АКШныкына салыштырган болжол менен 9 эсе төмөн болгон болсо, азыр бул айырма 1,8 эсени түзөт, башкача айтканда, тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде ал 5 эсе кыскарган. Бул чоң жетишкендик. СССРдин статистикалык органдарынын маалыматтарына караганда 1977-жылы СССРдин улуттук кирешеси АКШнын улуттук кирешесинин 1950-жылдагы 31 проценттин ордуна 67 процентин түзгөн, ал эми Советтер Союзунун өнөр жай продукциясынын көлөмү 1950-жылдагы 30 проценттин ордуна АКШнын өнөр жай продукциясынын 80 процентин түзгөн. Кийинки 25 жылдын ичинде СССРде айыл чарба продукциясын өндүрүүнү өстүрүүнүн темптери АКШдагы ушундай эле көрсөткүчтөн 2 эсе дээрлик жогору болгон. Кыскасын айтканда, бардыгы жакын арадагы келечекте капиталисттик дүйнөнүн башкы державасы болгон АКШнын экономикасынын бардык тармактарындагы өндүрүштү өнүктүрүүнүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелин кууп жетип андан ашып кетүү жагына ооп баратат. Бул багытта СССРдин жумушчу табы, колхоздук дыйкандар жана бүткүл совет эли алдыда дагы көп иштерди иштөөгө тийиш.

Мына ошентип эмгек өндүрүмдүүлүгү коммунисттик курулуштун бардык милдеттерин чечүүнүн негизинен орун алган. Социалисттик өндүрүштүк мамилелерди мындан ары да өнүктүрүү жана аларды бара-бара коммунисттик мамилелерге өсүп чыгышын камсыз кылуу, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатууну талап кылат. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен жогорулатуунун негизинде гана калктын ар бир жанына материалдык байлыктарды өндүрүүнүн зарыл темпин, башкача айтканда, келечекте бөлүштүрүүнүн коммунисттик принцибине өтүүгө мүмкүндүк бергидей өсүш темпин камсыз кылууга болот. Эл чарбасынын негизги тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку даражасына жетишүүгө көптөгөн социалдык-экономикалык проблемаларды чечүүгө, атап айтканда, эмгекчилерди эмгекке коммунисттик мамиле кылууга тарбиялоо, күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосун-

дагы, айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшүн өстүрүүнүн темптери ортосундагы, айыл чарба жана өнөр жай эмгеги ортосундагы, шаар менен айыл-кыштак ортосундагы олуттуу айырмачылыктарды жоюуга байланышкан.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу адамзат коомунун өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн натыйжасында болуучу тарыхый закон ченемдүү процесс болуп саналат. Ал эми коомдун өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүгө өз кезегинде алардын өнүгүшүн басаңдата же тездете ала турган өндүрүштүк мамилелердин таасири шарт түзөт. Өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө тоскоолдук кыла баштаган эски коомдук-экономикалык формацияны алмаштыруунун тарыхый зарылчылыгы дал мына мында: жаңы экономикалык формация өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү үчүн кеңири мейкиндикти ачып бергендиктен эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылат. Ошондуктан ар бир жаңы экономикалык формация эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү темптерин тездетүүнү камсыз кылып, мунун негизинде эски экономикалык формацияга караганда анын эң жогорку деңгелине жетишкен учурда гана өзүнүн үстөмдүгүн биротоло орнотот. Мына ошентип жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн экономикалык закону, ар бир келерки өндүрүш жолунда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн эң жогорку деңгелин камсыз кылат, дал ушунун өзү төмөнкү социалдык-экономикалык формациялардан жогорку формацияларга өтүүнүн объективдүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Эски экономикалык формацияга караганда жаңы формациянын прогрессивдүүлүгү негизинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн мүнөзүндө жана темптеринде билинет.

Капитализмдин тушунда жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн экономикалык закону К. Маркстын айтуусу боюнча «сөзсүз мааниге ээ эмес», анткени өндүрүш каражаттарына жеке-капиталисттик менчик, адамды адам эксплуатациялоо, монополдуу жогорку пайданын артынан түшүү, өндүрүш анархиясы жана аябаган катуу конкуренция, экономикалык кризистер жана жумушсуздук, капиталисттик түзүлүштүн дагы башка кемтиктери өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү жана жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетишүү үчүн кеңири мейкиндикти ачпагандыгы мындай турсун, кайра бардык жагынан тоскоолдук кылат, дал ошондуктан өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү

бир калыпта эмес, туруксуз жана секирик сымал мүнөздө болот. Мына ошентип, капитализмдин тушунда жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн закону баш-аламан сокур күч катарында аракеттенет, мында «кокустуктардын үстөмдүгү...» өкүм сүрөт.

Социализмдин шарттарында жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жалпыга бирдей экономикалык законунун күчү капиталисттик түзүлүштүн шарттарындагыдан түп тамырынан бери айырмаланат. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда, коомдун өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө капитализмге караганда социалисттик түзүлүштүн эбегейсиз зор артыкчылыктары бар. Бул артыкчылыктар баарынан мурда өндүрүш каражаттарына коомдук менчиктин орнотулушунан жана эмгек менен өндүрүштү социалисттик уюштуруу системасынан келип чыгып отурат. Өндүрүш каражаттарына коомдук социалисттик менчиктин орнотулушу өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүнүн коомдук мүнөзүнө жана деңгелине толук ылайык келет, мунун өзү аларды өнүктүрүү жана жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн экономикалык законунун аракеттениши үчүн кеңири мейкиндик ачып берет. Социализмдин тушунда капитализмдин бардык жаман жактары толугу менен жок кылынып, мында өндүргүч күчтөр дайыма жогорку темптер менен өнүгөт жана бул өнүгүштүн жүрүшүндө зарылчылыгына жараша өндүрүштүк мамилелердин айрым жактары өркүндөлөт. Дал ушунун өзү менен өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн мүнөзүнө жана деңгелине социалисттик өндүрүштүк мамилелердин дайыма ылайык келиши камсыз кылынат, мунун өзү өз кезегинде эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн үзгүлтүксүз жана тездик менен өсүшүн шарттайт.

Социализмдин тушунда өндүрүш каражаттарына коомдук менчиктин орнотулушу тирүү жана буюмдаштырылган эмгектин ортосунда капитализмге мүнөздүү антогонисттик карама-каршылыктарга жол бербейт. Капитализмдин шарттарында өндүрүш каражаттары капитал катарында эмгекчилерге карама-каршы туруп, аларга үстөмдүк кылат. Социализмдин тушунда тескерисинче адамдар өндүрүш каражаттарынын үстүнөн үстөмдүк кылат, анткени алар өздөрү өндүрүштүн материалдык-буюм факторлорунун жана эмгектин натыйжаларынын ээлери болуп саналышат. Социализмдин шарт-

тарында материалдык байлыктарды бөлүштүрүү коомдун жана анын мүчөлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн ишке ашырылат. Ошондуктан эмгекчилер тирүү эмгек болсун, буюмдаштырылган эмгек болсун экөөн тең үнөмдөөгө бүткүл жүрөгү менен таламдаш болот. Коомдун мүчөлөрү ортосунда жеке керектөө фондусу эмгектин саны жана сапаты боюнча бөлүштүрүүнүн экономикалык законуна ылайык бөлүштүрүлөт. Мына ошентип социализм экономиканын бардык тепкичтеринде коомдук эмгекти аң-сезимдүү үнөмдөөнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун мүмкүнчүлүгүнө жана зарылчылыгына шарт түзөт.

Социализмдин шарттарында коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен жогорулатуу социалисттик өндүрүштүн негизги максатына — коомдун улам өсүп жаткан материалдык жана маданий керектөөлөрүн эң толук камсыз кылууга кызмат көрсөтөт. Эмгекчилердин эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу эреже катарында алардын кызмат акыларын көбөйтүүгө, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө, ошондой эле продукциянын өздүк наркын жана товарлардын наркын төмөндөтүүгө алып келет, мындан тышкары жаңы заводдорду, ооруканаларды, эс алуу үйлөрүн, балдар мекемелерин, клубдарды, турак жай имараттарын ж. б. курууга кошумча каражаттарды берет. Социалисттик коомдо эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн мына ушул жаңы социалдык натыйжалары эмгек өндүрүмдүүлүгүн максималдуу жогорулатууга эмгекчилердин кызыкчылыгын туудурат.

Социализмдин тушунда экономикалык закондордун баш-аламан колдонулушу үчүн негиздер, өндүрүш анархиясы, ашыкча өндүрүүнүн экономикалык кризисинин мүмкүнчүлүгү таптакыр болбой тургандыгы түшүнүктүү. Мында капиталисттик анархиянын ордуна социализмдин жаратылышынын өзүнөн эл чарбасын өнүктүрүүнү пландаштыруунун объективдүү зарылчылыгы келип чыгат, бул зарылчылык бүткүл коомдун таламдары үчүн эмгек жана материалдык ресурстарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Ал эми мунун өзү өндүргүч күчтөрдү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн үзгүлтүксүз жана тездик менен өстүрүүнү камсыз кылат жана өз кезегинде алар менен камсыз кылынат.

Мына ошентип социалисттик коомдун шарттарында жогорулоочу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн закону сөзсүз жана жалпыга бирдей мүнөзгө ээ болот. К. Маркстын айтуусу боюнча коллективдүү өндүрүшкө негизделген коомдо бул закон «атүгүл эң жогорку даражадагы законго айланат»— эмгек өндүрүмдүүлүгү эл чарбасынын бардык тармактарында тездетилген темптер менен өсөт. Ошондуктан социализмдин тушунда эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун экономикалык закону жаңы мазмунга ээ болуп, эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйшаюусуз өстүрүүнүн экономикалык закону аркылуу билинет. Мисалы, кийинки 27 жылдын ичинде (1950—1977-жылдар) Советтер Союзунун өнөр жай өндүрүшүндө эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн темптери туруктуу түрдө АКШныкына караганда 2 эсе жана Францияныкына караганда 1,5 эсе жогору болгон.

Мына ошентип социалисттик коомдо илимий-техникалык прогрессти капитализмдин тушундагы орун алган терең социалдык-экономикалык тоскоолдуктарсыз тездетүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйшаюусуз өстүрүүнү жана коомдук эмгектин натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылат.

3. АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Жетилген социализмдин этабында, өзгөчө кийинки мезгилдерде кайрадан кеңири өндүрүүнүн ургаалдуу жолуна толук өтүү өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүүнүн айырмалуу белгиси болуп саналат. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен өстүрүү онунчу беш жылдыктын негизги милдеттерин ийгиликтүү чечүүнүн башкы каражаттарынын бири болуп санала тургандыгы көрсөтүлгөн. Онунчу беш жылдыкта эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн өзгөчө зор жана чечүүчү мааниси жөнүндө мына бул маалыматтар далил болот: эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен улуттук кирешенин өсүшү 85—90 процентти, өнөр жай продукциясыныкы 90 процентти түзөт, айыл чарбасында жана курулушта продукция өндүрүүнүн өсүшү 100 процентке, темир жол

транспортунда жүк ташуулардын көлөмүнүн көбөйүшү кеминде 95 процентке жетет. Онунчу беш жылдыкта эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн ар бир процентинин мааниси бир далай өсөт. Эгер 1975-жылы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун 1 процентине 2,9 млрд. сом улуттук киреше жана 4 млрд. сомдук өнөр жай продукциясы туура келген болсо, анда 1980-жылы ал тийиштүүлүгүнө карай 4 жана 6 млрд. сомго чейин көбөймөкчү. Өлкөнүн эл чарбасы боюнча бүтүндөй алганда онунчу беш жылдыктын жылдары ичинде коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгү 25 процентке көбөйөт, мунун өзү 25 миллион кишинин эмгегинин жана жалпы үнөмдөлгөн материалдык ресурстардын 8 миллиард сомго жакын каражатынын үнөмдөлүшүнө барабар дегендикке жатат.

КПССтин XXV съездинин принципиалдуу чечимдерине ылайык онунчу беш жылдыкта капиталдык салымдар биринчи кезекте иштеп жаткан ишканаларды техникалык жактан кайрадан куралдандырууга жана реконструкциялоого, коомдук өндүрүштү механизациялоого жана автоматташтырууга жумшалмакчы. Мунун өзү өткөн беш жылдыкка караганда капиталдык салымдарды аз жумшоо менен негизги фондуларды 40 процентке дээрлик көбөйтүүнү камсыз кылат.

Коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруу бардык өндүрүштүк ресурстарды — жумушчу күчүн, өндүрүштүк фондуларды жана башка материалдык ресурстарды натыйжалуу пайдалануудан турган татаал, көптөгөн пландуу, сапаттуу процесс болуп саналат. Азыркы шарттарда коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруунун негизги багыты — илимий-техникалык прогресстин тездетилишинин негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен өстүрүү өндүрүштүк кубаттарды, киши жана материалдык ресурстарды, капиталдык салымдарды натыйжалуу пайдалануу менен камсыз кылынат. Өзүнүн өндүрүмдүүлүгү менен аныкталуучу тирүү эмгекти ургаалдуу жана рационалдуу пайдаланууга коомдук байлыкты жана эмгекчилердин жыргалчылыгын өстүрүү чечүүчү даражада байланыштуу. Мына ошентип эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен өстүрүү коомдук өндүрүштү ургаалдаштырууну күчөтүүдө жана анын натыйжалуулугун жогорулатууда алдыңкы багыт болуп саналат.

КПССтин XXV съезди, партиянын Борбордук Комитетинин июль жана ноябрь 1977-ж. Пленумдары эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү тездетүү, продукциянын өздүк наркын жана материал талап кылуучулугун төмөндөтүү, фондулардын акталышын жогорулатуу, өндүрүмсүз чыгымдарды жана коромжуларды кыскартуу долбоордук кубаттарды өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөттөрүн так сактоо, капиталдык салымдардын натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуу проблемасынын өзгөчө эл чарбалык маанисин баса белгилеген.

Белгилүү болгондой, ишканаларда жана экономика тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу көптөгөн факторлордун бир эле убакта аракеттенишинин натыйжасы болуп саналат, бул факторлор эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү темптерине ар түрдүү даражада таасир этет. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн бардык факторлору өз ара тыгыз байланышкан, убакыт жагынан да, мейкиндик жагынан да күчтүү. Айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелине илимий-техникалык прогрессти тездетүү, эмгекти, өндүрүштү уюштурууну өркүндөтүү, өндүрүштүн кызматкерлерин экономикалык жактан кызыктыруу, чарбалар ортосундагы кооперативдештирүүнүн негизинде агроөнөржайлык интеграция чечүүчү таасир тийгизет.

Илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн шарттарында дыйканчылыкты жана мал чарбасын бардык чаралар менен ургаалдаштыруу чындыгында айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун бирден бир жалгыз жолу болуп саналат. Ошондуктан өндүрүштү өстүрүүнүн ургаалдуу факторлорун кеңири колдонуунун негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу темптерин тездетүү айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун жогорку жана туруктуу темптерин камсыз кылууда башкы милдет жана негизги багыт болуп эсептелет. Жогоруда айтылып кеткендей, коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгү коомдук өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугунун көрүнүшү катарында жалпылатылган синтетикалык көрсөткүч болуп, анын деңгели көптөгөн техникалык, технологиялык, экономикалык, уюштуруучулук, жаратылыштык жана башка факторлордун таасирине байланыштуу. Айыл чарбасында алардын арасынан илимий-техникалык прогрессти бардык чаралар менен тездетүү,

өндүрүштүн техникалык куралданышын күчөтүү, колхоздор менен совхоздордо эмгектин энергия жана фонду менен камсыз болушун жогорулатуу, чечүүчү факторго айлануу да. Айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнө илимий-техникалык прогресстин таасири азыркы убакта дыйканчылыктагы жана мал чарбасындагы кол эмгегин машиналар менен алмаштыруу, өндүрүштүк процесстерди комплестүү механизациялоону жана автоматташтырууну киргизүү жолу менен, өндүрүмдүүлүгү начар машиналарды бир кыйла өндүрүмдүү жана өркүндөтүлгөн машиналар менен алмаштыруу жолу аркылуу айыл чарба өндүрүшүн бара-бара индустриялык негизге которуу жолу менен ишке ашырылып жатат. К. Маркстын айтуусу боюнча «Машина эмгек өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүүнүн эң күч-кубаттуу куралы болуп саналат»[1].

Социализмди куруу жылдарында, өзгөчө КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленумунан кийинки мезгилдин ичинде социалисттик айыл-кыштактарда терең кайра түзүүлөр ишке ашырылды. Эгер совет бийлигинин бардык жылдары ичинде айыл чарбасын өнүктүрүүгө 320 млрд. сом суммасында капиталдык салымдар жумшалган болсо, анда кийинки эки беш жылдыктын ичинде (1966—1975-жылдарда) ушул тармакты өнүктүрүүгө жумшалган капиталдык салымдар 213 млрд. сомду түзгөн, мунун өзү 1918—1965-жылдардагы салымдардын бүткүл көлөмүнөн 2 эсе көптүк кылат. Натыйжада 1975-жылы айыл чарбасында эмгектин фонду менен камсыз болушу 1965-жылга салыштырганда 2,7 эсе көбөйгөн, эмгектин энергия менен жабдылышы эки эседен ашуун өскөн, ал эми электр кубатын керектөө 3,5 эсе көбөйдү. Ушул эле мезгилдин ичинде минералдык жер семирткичтерди пайдалануу 3 эсе дээрлик өстү, 14 млн. гектарга жакын жаңы мелиорацияланган жерлер өздөштүрүлдү. 1966—1975-жылдарда айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн орточо жылдык көлөмү 1,4 эсе, ал эми өлкөнүн ар бир кишисине чагып эсептегенде аның чыгышы ушул мезгилдин ичинде калктын саны 23 миллион кишиге көбөйгөндүгүнө карабастан төрт эсе өстү. Айыл чарбасында өндүрүштүк процесстерди механизациялоонун деңгели бир кыйла жогорулады, мунун өзү

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 23-т., II-бөлүм 414-бет.

эмгек өндүрүмдүүлүгүн 1,6 эсе өстүрүүгө алып келди. Тогузунчу беш жылдыктын жылдары ичинде айыл чарбасында эмгектин фонду менен камсыз болушун өстүрүүнүн орточо жылдык темптери өнөр жайдагыга караганда 1,5 эсе дээрлик жогору болгон. Мунун өзү зор прогресс болуп саналат.

КПССтин XXV съезди айыл чарба өндүрүшүн мындан ары да өнүктүрүүнүн жана аны жогорулатуунун туруктуулугун камсыз кылуунун курч проблемаларын жана конкреттүү багыттарын белгиледи. Съезд айыл чарба өндүрүшүн мындан ары да сапат жагынан кайрадан түзүүнүн милдетин койду. Онунчу беш жылдыктын ичинде айыл чарбасын өнүктүрүүгө 170 млрд. сом суммасында капиталдык салымдар каралган, мунун өзү тогузунчу беш жылдыкка караганда 40 млрд. сомго көптүк кылат. Капиталдык салымдардын мына ушул эбегейсиз зор каражаттары негизинен колхоздук-совхоздук өндүрүштүн негизги багыттарына жумшалат, атап айтканда айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, жерлерди мелиорациялоого жана өндүрүштү химиялаштырууга жиберилет. Өндүрүштүн натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуунун жана колхоздор менен совхоздордун өндүрүштүк иштеринин бардык сапаттык көрсөткүчтөрүн жакшыртуунун милдети коюлуп отурат.

Онунчу беш жылдыкта айыл чарбасын өнүктүрүүнүн мына ушул комплекстүү программасынын борбордук звеносу болуп негизинен сапат жагынан жаңы техникалык негизде аны кайрадан куралдандыруу эсептелет. Өлкөбүздүн айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын мындан ары кайрадан түзүүгө онунчу беш жылдыктын ичинде 42 млрд. сом жумшалмакчы, мунун өзү ушул мезгилдин ичинде айыл-кыштактарга техниканы жеткирүүнү 1,5 эсе көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. «1976—1980-жылдарда СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарына» ылайык өлкөбүздүн айыл чарбасына 1900 миң трактор, 538 миң дан комбайны, 1350 миң жүк автомобили жана көптөгөн дагы башка техника тапшырылат, болгондо да тапшырылуучу техниканын сапаты олуттуу түрдө жогорулайт. Мисалы, беш жылдыкта тракторлорду сан жагынан бир кыйла көп чыгаруу менен бирге Т-150, Т-150К, Т-130 жана башка маркадагы ылдам жүрүүчү кубаттуу тракторлорду

жасап чыгарууну көбөйтүү каралган, 1980-жылы аларды чыгаруу 584 миңге жеткирилет.

Айыл чарба техникасынын сапатын бир кыйла жакшыртуу менен аларды ушунчалык көп санда жасап чыгаруу беш жылдыктын аягында негизинен дан өндүрүүнү жана кызылча өстүрүүнү механизациялоону аяктоону камсыз кылып, пахтаны, картошканы, жашылчаларды жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүнү, ошондой эле мал чарбасы менен тоют өндүрүшүн механизациялоонун деңгелин бир кыйла жогорулатат. Мына ошентип, айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын бардык чаралар менен чыңдоо айыл чарба өндүрүшүн тездик менен жана туруктуу түрдө өстүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана колхоздор менен совхоздордун экономикасынын натыйжалуулугун жогорулатуунун чечүүчү фактору болуп кызмат кылат.

Айыл чарбасы өзүнүн сезондуулугуна жана нормалдуу иштеши үчүн өндүрүштүн табигый шарттарына көз каранды болушуна байланыштуу эң кыска мөөнөттүн ичинде өндүрүштүн техникалык кражаттарынын зор массасын чогуу колдонууну талап кыла тургандыгы жүйөөлүү, мунун өзү өнөр жай тармактарына караганда эмгектин энергия жана фонду менен эң жогорку даражада куралданышынын зарылчыгын туудурат. К. Маркстын өзү айыл чарбасы өндүрүштүн өнөр жайлык технологиясына көчүүнүн өзгөчөлүгүн көрсөткөн. Ал мындай деп жазган: «...өнөр жайдын өнүгүшүнүн белгилүү даражасында бул диспропорция азаюуга тийиш, башкача айтканда дыйканчылыктын (айыл чарбасынын — Ж. Л.) өндүрүмдүүлүгүн өнөр жайдын өндүрүмдүүлүгүнө караганда бир кыйла тезирээк өсүүгө тийиш»[1]. Бирок өлкөбүздүн айыл чарбасында эмгектин фонду менен камсыз болушунун деңгели колхоздук-совхоздук өндүрүштү индустриялык технологияга толук которуунун милдеттерине али ылайык келбей жатат. Дал ушундай озунку темпте гана өнөр жайга салыштырганда айыл чарбасында эмгек өндүрмдүүлүгүн өстүрүүнүн эң жогорку көрсөткүчтөрү камсыз кылынат, мунун өзү өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн (АКШ, ФРГ ж. б.) практикасы менен ырасталып отурат.

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар. 26 т-., II-бөлүм 115-бет.

Биздин өлкөбүздө айыл чарба эмгегинин фонду менен камсыз болушу али да болсо өнөр жайдагыдан арта калып келе жатат. Мисалы, 1976-жылга карата бир кызматкерге чагып эсептегенде айыл чарба эмгегинин фонду менен камсыз болушу 6,2 миң сомду (буга продуктуулуу жана жумушчу мал да кирет) түзгөн, мунун өзү өнөр жайдагыга караганда 2,15 эсе төмөн. Малсыз эсептегенде айыл чарбасындагы эмгектин жана өнөр жайдагы фонду менен камсыз болушунун деңгелдериндеги айырмачылык мындан орчундуу даражада болот. Ошондуктан биздин өлкөбүздүн айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели өнөр жайдагыдан болжол менен 2—2,5 эсе төмөн. Окумуштуу-экономисттердин эсептөөлөрүнө караганда айыл чарбасында өндүрүштүн өнөр жайлык технологиясына толук өтүү үчүн, өнөр жайдагыга салыштырганда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн озуңку өсүш темптери камсыз кылынган кезде айыл чарба эмгегинин энергия жана фонду менен камсыз болушун болжол менен 2,0—2,5 эсе көбөйтүп, өнөр жайга салыштырганда алардын орточо жылдык өсүш темптерин тийиштүүлүгүнө карай бир кыйла жогорулатуу зарыл.

Азыркы убакта айыл чарбасында өлкөнүн бардык негизги өндүрүштүн фондуларынын 20 процентten ашуунu пайдаланылат. Айыл чарба өндүрүшүндө бардыгы болуп 28,9 миллион киши, мунун ичинде башка тармактардан тартылган адамдар жана өзүнүн жеке көмөкчү чарбасында иштеген совхоз жумушчулары менен колхозчулар, ошондой эле айыл чарба жумуштарына катышкан жаш өспүрүмдөр менен карыган кишилер иштейт, бул болсо материалдык өндүрүштө иштеген бардык кызматкерлердин 30 процентин түзөт. Ал эми 1913-жылы айыл чарба өндүрүшүндө 49,5 миллион киши иштеген болучу, башкача айтканда, айыл чарбасында иштегендердин саны азыркы убакта 1,7 эсе кыскарды. Мында ушул эле мезгилдин ичинде, башкача айтканда 1913—1977-жылдарда өлкөнүн айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү 3,5 эсе өстү, мунун өзү негизинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн эсебинен жетишилген.

Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүдө бир кыйла ийгиликтерге жетишилди. Тогузунчу беш жылдыктын жылдары ичинде айыл чарбасынын дүң продук-

циясы 790 миллион сомго же сегизинчи беш жылдыктын деңгелине салыштырганда 18,6 процентке көбөйдү, мунун өзү 5 млрд. сомду түзөт. 1976-жылы анын суммасы 1383,0 млн. сомго жеткен. 1971—1975-жылдарда пландан тышкары 129 миң тонна дан, 140 миң тонна пахта, 700 миң тонна кант кызылчасы, 164 миң тонна жашылча, 33 миң тонна эт, 58 миң тонна сүт, 6,3 миң тонна жүн, 91 млн. даана жумуртка жана көптөгөн башка продукция сатылды.

Тогузунчу беш жылдыктын ичинде республикада партиянын XXIV съездинин директиваларында каралган 30 миң гектардын ордуна 41 миң гектар жаңы сугат жерлер өздөштүрүлүп, 432 миң гектар табигый жайыттарга суу жеткирилди. Ушул мезгилдин ичинде республикабыздын айыл чарбасы 15 миң трактор жана көптөгөн дагы башка техника, 4 млн. тонна жер семирткичтер, же сегизинчи беш жылдыкка караганда 1,5 эсе көп тапшырылды. Айыл чарбасына багытталган капиталдык салымдар сегизинчи беш жылдыкка салыштырганда 1,5 эсе өстү. Эгер мурдакы 7 беш жылдыктын ичинде республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүгө бардыгы болуп 525 млн. сом суммасында капиталдык салымдар жумшалган болсо, андан кийинки эки беш жылдыкта гана 1119 млн. сом, же 2,1 эсе көп жумшалган. Мына ушулардын бардыгы республиканын айыл чарбасын дагы да туруктуу жана тез темптер менен өнүктүрүп, анын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бекем негизди түзүүгө мүмкүндүк берди.

Колхоздук-совхоздук өндүрүштү жогорулатуу боюнча партия тарабынан иштелип чыккан узак мөөнөттүү комплекстүү программаны ырааттуулук менен ишке ашыруу айыл чарбасын социалисттик экономиканын жогорку өнүккөн секторуна айландыруу үчүн бекем фундамент түздү. Эми ал ургаалдуу, туруктуу жана тез темп менен өнүгүүнүн жолуна бекем түштү. Мына ошентип социалисттик айыл чарбасынын жетишкендиктери кийинки мезгилдерде бир кыйла жана талашсыз экендигинде шек жок.

Коммунисттик партия материалдык-техникалык базаны чыңдоого жана өндүрүштү бардык чаралар менен ургаалдаштырууга багыт алуу менен айыл чарбасын тез темптер менен өнүктүрүү үчүн өлкөнүн бүткүл экономикалык ресурсун эң кеңири пайдаланууга жана улут-

тук кирешени анын пайдасына бөлүштүрүүнүн пропорцияларын өзгөртүүгө барууну максатка ылайыктуу деп тапты.

Улуттук кирешени айыл чарбасынын пайдасына кайрадан бөлүштүрүүнүн зарылчылыгы баарынан мурда аны түп тамырынан бери техникалык реконструкциялоонун шарттарында бул тармакта кайрадан өндүрүп көбөйтүүнүн спецификасына байланыштуу. Айыл чарбасында азыркы убакта басымдуу түрдө кол эмгегин машиналар менен алмаштыруу, ал эми өнөр жайында техникалык прогресстин басымдуу формасы — эски машиналардын ордуна бир кыйла эң өндүрүмдүү жана үнөмдүү машиналар келип, негизги жумуштарды механизациялоодон өндүрүштү автоматташтырууга өтүү ишке ашырылып жаткандыктан, айыл чарба өндүрүшүн өстүрүүнүн ар бир проценти өнөр жайга караганда каражат топтоону бир кыйла көбүрөөк өстүрүүнү талап кылат. Ал эми мунун өзү ар кандай башка бирдей шарттарда айыл чарбасында пайдаланылуучу топтоо фондусу өнөр жайдагы жана бүткүл эл чарбасындагы топтоо фондусунан тезирээк өсүүгө тийиш дегендикке жатат. Ошондуктан өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн азыркы этабында эл чарбасынын тармактарында, өзгөчө айыл чарба чөйрөсүндө өндүрүштүн натыйжалуулугунун жана иштин сапатынын проблемасы биринчи пландагы жана мааниси боюнча глобалдуу мүнөздөгү маселе болуп саналат.

Кийинки мезгилдерде айыл чарбасын техникалык жактан жабдууда жетишилген эбегейсиз зор ийгиликтерге карабастан, андагы өндүрүштү индустриализациялоонун деңгели али да болсо өнөр жайдын деңгелинен бир кыйла артта калып келе жатат. Мисалы, азыркы убакта өнөр жайында жумушчулардын 60 процентке жакыны механизацияланган эмгекте иштесе, айыл чарбасында бардыгы болуп 22 проценти гана иштейт. Экинчиден, өнөр жайда жумушчулардын 75 проценти квалификациялуу эмгек кылса, айыл чарбасында квалификациялуу эмгек кылгандардын үлүшү араң эле 25—30 процентке жетет. Жана үчүнчүдөн, өнөр жайда өндүрүштү буюм жагынан адистештирүүнүн принциби толук даражада турмушка ашырылган. Ал эми чарбасында болсо көпчүлүк учурларда мындай адистештирүү жокко эсе, мунун өзү эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жо-

горку темптерин камсыз кылуучу атайылаштырылган машиналардын натыйжалуу системасын түзүүгө тоскоолдук кылат.

Натыйжада айыл чарбасынын бир кызматкери кала берсе жогорку түшүмдүү 1973-жылда да, улуттук кирешени өнөр жай менен курулуштун жумушчусуна караганда 2 эсе аз жана материалдык өндүрүштөгүдөн 1,5 эсе аз түзгөн.

Буга карабастан, колхоздук-совхоздук өндүрүштү жогорулатуу боюнча партия тарабынан иштелип чыккан комплекстүү узак мөөнөттүү программаны ырааттуулук менен ишке ашыруу айыл чарбасын социалисттик экономиканын жогорку өнүккөн секторуна айландыруу үчүн бекем негиз түздү. Эми ал өнүгүүнүн бекем жолуна түштү. Мына ошентип кийинки жылдарда социалисттик айыл чарбасынын жетишилген ийгиликтери талашсыз. Бирок, эгер ушул талашсыз жетишкендиктерди социалисттик коомдун улам өсүп жаткан керектөөлөрүн эң толук канааттандыруу жагынан алып караоочу болсо, анда айыл чарба өндүрүшүнүн жана анын натыйжалуулугунун азыркы деңгелин жетиштүү деп айтууга болбойт, себеби бул деңгел бир кыйла жогору болууга тийиш.

Буга негизделип, жетишилген ийгиликтерди жана өндүрүш шарттарын белгилөө менен КПССтин XXV съезди айыл чарбасынын жана бүткүл эл чарбалык агрардык өнөр жай комплексинин алдына эң жооптуу жаңы милдеттерди койду. Негизги милдет айыл чарба өндүрүшүн мындан ары карай өстүрүүнү жана анын дагы да туруктуу болушун камсыз кылууда, калктын тамак-аш продуктыларын жана өнөр жайдын сырьёго улам өсүп жаткан керектөөлөрүн эң толук канааттандыруу, айыл чарба продукциясынын зарыл мамлекеттик резервдерин түзүү үчүн анын натыйжалуулугун бардык чаралар менен жогорулатууда турат. Бул маселелерди чечүү шаар менен айыл-кыштактын, айыл чарбасы менен өнөр жайдын эмгекчилеринин турмушунун материалдык-маданий-тиричилик шарттарын жакындатуу милдети менен өз ара байланышкан. Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн бул багыттары биздин коомду өнүктүрүүнүн сапат жагынан жаңы этабында — социализмди өнүктүрүүнүн этабында агрардык маселе боюнча В. И. Ленин-дин өлбөс-өчпөс идеяларынын чыгармачылык өнүгүшү

болуп саналган партиянын айыл-кыштактагы азыркы экономикалык саясатынын мазмунун аныктады.

Белгилүү болгондой, коомдук эмгектин жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, марксизмдин-ленинизмдин классиктеринин аныктоосуна караганда, керектөө буюмдарын өндүрүүгө жумшалуучу коомдук зарыл жумуш убактысын үнөмдөө же коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү дегендикке жатат. Демек, экономикалык натыйжалуулук марксизмдин-ленинизмдин классиктери тарабынан өндүрүштүн пайдалуу натыйжасы менен аны алууга жумшалган эмгектин жыйындысы ортосундагы катыш катарында түшүндүрүлөт. Мындай түшүнүктө коомдук өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугунун мазмуну коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели менен туюнтулат.

Кийинки мезгилдерде Кыргыз ССРинин айыл чарба өндүрүшү эң жогорку темптер менен өнүгүп келди. Республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясы 1976-жылы 1965-жылдагы деңгелге салыштырганда 1,43 эсе, мунун ичинде дыйканчылык продукциясы — 1,58 эсе жана дыйканчылыктын дүң продукциясы — 1,32 эсе көбөйдү. Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн мындай темптери өстүрүлүп жаткан өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу жана малдын продуктуулугун өстүрүү аркасында мүмкүн болду. Мисалы, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн орточо жылдык түшүмү (чарбалардын бардык категоряларында) 1966—1970-жылдарга салыштырганда 1971—1975-жылдарда дан боюнча 25 процент, пахта боюнча — 17,4 процент, кант кызылчасы боюнча— 9,1 процент, жашылча боюнча — 32,6 процент, картошка боюнча — 5 процент жогорулады. Ал эми колхоздор менен совхоздордогу сугат жерлерде негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү 1976-жылы төмөндөгүлөрдү түзгөн: бардык дан өсүмдүктөрү — ар гектарынан 32,2 центнер, мунун ичинде күздүк буудай — 33,4 жүгөрү — 46,6 жаздык арпа — 28, жашылчалар — 174, картошка 119 ц/га жана көп жылдык чөптөр 58,9 центнер түшүм берген. Болгондо да бул өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү 1976-жылы 1970-жылга салыштырганда 1,2— 1,56 эсе жогорулаган. 1976-жылы колхоздор менен совхоздордо ар бир уйдан сүттүн жылдык саалып алынышы 1965-жылга салыштырганда 33 процент, бир койдон жүндүн кыркып алынышы 3 процент өскөн жана ар бир

мекияндан 2,26 эсе көп жумуртка алынган. Колхоздор менен совхоздордо айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана малдын продуктуулугун өстүрүү дагы башка экономикалык жана уюштуруучулук чараларды комплекстүү жүргүзгөндө айыл чарба эмгегинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга алып келди.

1965—1977-жылдарда бир орточо жылдык жумушчуга бөлүп эсептегенде дүң продукциянын чыгышы боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү республиканын колхоздорунда 65,3 процентке, айыл чарба министерствосунун совхоздорунда — 91,3 процент, ал эми бир киши-саатка бөлүп эсептегенде дүң продукциянын чыгышы боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү колхоздордо 67 процент жана совхоздордо — 2 эседен ашуун өскөн. 1977-жылы бир орточо жылдык кызматкерге жана бир киши-саатка карай эмгек өндүрүмдүүлүгү 1970-жылга салыштырганда тийиштүүлүгүнө карай колхоздордо — 38,9 жана 40,0 процент, совхоздордо — 53,9 жана 50,9 процент көбөйгөн.

Жалпысынан алганда республиканын совхоздорунда эмгек өндүрүмдүүлүгү колхоздорго караганда бир канча жогору деген менен республиканын айыл чарбасындагы 1975-жылдын маалыматтары боюнча жетишилген анын деңгели орточо өлкө боюнча алгандагыдан 16,7 процентке жана Казак ССРинин колхоздору менен совхоздоруна караганда 39,9 процент төмөн болуп отурат. Мунун өзү негизинен Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорунда эмгектин фонду жана энергия менен камсыз болушу өлкө боюнча орточо көрсөткүчкө жана өзгөчө Казак ССРинин деңгелине салыштырганда бир далай төмөн экендиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан пландоочу органдар онунчу беш жылдыкта жана андан кийинки мезгилде республиканын айыл чарбасында негизги эмгек фондуларын жана өндүрүштүн энергия менен камсыз болушун эң тез темп менен топтоого капиталдык салымдарды көбөйтүүнүн кароолору тийиш.

1977-жылда республиканын колхоздорунда орточо жылдык жумушчуга чагып эсептегенде дүң киреше боюнча эсептеп чыгарылган эмгек өндүрүмдүүлүгү 1970-жылга салыштырганда дүң продукция боюнча эсептелген 38,9 проценттин ордуна 18,2 процент гана өскөн, ал эми 1 киши-күнгө чагып эсептегенде эмгек өндүрүмдүүлүгү дүң продукция боюнча эсептелген 40 проценттин

ордуна 1,5 процентке гана көбөйгөн. Мында баарынан мурда продукциянын өсүшүнө караганда айыл чарбасында материалдык чыгымдардын өсүшүнүн озуңку темптери таасир этүүдө. Кыргызстандын колхоздорунда эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн темптери өлкөнүн колхоздору боюнча орточо көрсөткүчтөн төмөн экендигин да белгилеп кетүү керек. Мисалы, республиканын колхоздорунда эмгек өндүрүмдүүлүгү 1970—1977-жылдарда дүң киреше боюнча ар бир орточо жылдык иштеген жумушчуга чагып эсептегенде өлкөнүн колхоздору боюнча орточо эсептелген 23,8 проценттин ордуна 18,2 процент, ал эми 1 киши-күнгө карай алганда өлкөнүн колхоздору боюнча орточо эсептелген 6,5 проценттин ордуна 1,5 процент өскөн. Салыштырылып жаткан мезгилдин ичинде материалдык чыгымдардын өсүш темптери республиканын колхоздорундагы продукциянын өсүшүнө салыштырганда 2—2,5 эсе жогору болгон. Ошондуктан республиканын колхоздорунда дүң продукция боюнча эсептелген эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасы да дүң киреше боюнча эсептелген анын көрсөткүчүнөн бир кыйла жогору болгон. 1970—1977-жылдарда республиканын ири айыл чарба райондорунан Нарын областында эмгек өндүрүмдүүлүгү 19,3 процентке төмөндөгөн. Анализделген мезгилдин ичинде Чүй өрөөнүнүн чарбалары эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жеткен, мында эмгек өндүрүмдүүлүгү 19,3 процент өскөн. Бул маалыматтар эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча республиканын колхоздорунда пайдаланбай жаткан бир кыйла резервдердин болушу жөнүндө далил болот. Ошону менен бирге бул маалыматтар дүң киреше боюнча айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн эсептөө бүтүндөй алганда айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун, анын деңгелин жана динамикасын эң объективдүү баалоого мүмкүндүк бере тургандыгын көрсөтүп отурат.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда жумуш убактысынын жылдык фондусу ушул убакытка чейин бекем белгилене элек. Биздин оюбузча, бул фондуну белгилеп, анын көлөмүн айрым зоналар менен райондордун регионалдуу шарттарын эске алуу менен официалдуу закондоштуруу зарыл. Жумуш убактысынын жылдык фондусун аныктаганда колхозчулар менен совхоз жумушчулары материалдык өндүрүштүн дагы баш-

ка тармактарынын мамлекеттик ишканаларынын жумушчулары сыяктуу эле закон тарабынан белгиленген дем алыш жана майрам күндөрүнөн, жыл сайын 24 жумуш күнүнө төлөнүүчү отпускадан пайдалануу тийиш. Муну эске алуу менен республика боюнча орточо алганда колхозчулардын жана совхоз жумушчуларынын жумуш убактысынын жылдык фондусун эмгекке жөндөмдүү ар бир жумушчуга коомдук чарбада иштелген 2000 жумуш сааты өлчөмүндө белгилөө, мында аны айрым өндүрүш зоналары боюнча жергиликтүү жаратылыш-экономикалык шарттарга негизденүү менен өзгөртүү максатка ылайык болот.

Колхозчулардын жана совхоз жумушчуларынын жумуш убактысынын жылдык фондусун эң толук жана рационалдуу пайдалануу эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жогорку темптерин камсыз кылууда чечүүчү мааниге ээ.

Эгер республиканын өндүрүш зоналары боюнча иштелген убакыттын чоңдугун кароочу болсо, анда эмгекке жөндөмдүү бир колхозчуга чагып эсептегенде орто эсеп менен 1973—1975-жылдарда жылдык иштеп чыгаруунун эң төмөнкү даражасы Ош областынын колхоздорунда орун алгандыгы — 201 киши-күн же республиканын колхоздору боюнча орточо алгандагыдан 10,3 процент төмөн экендигин байкоого болот. Республиканын колхоздору боюнча орточо көрсөткүчкө салыштырганда Ош областынын колхоздорунда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели тийиштүүлүгүнө карай ар бир эмгекке жөндөмдүү жумушчуга чагып эсептегенде дүң продукциянын чыгышы боюнча — 21,3 процентке, дүң киреше боюнча — 14 процентке төмөн экендиги билинди.

Демек эмгек ресурстарын эң толук жана рационалдуу пайдалануу жолу менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла өстүрүү жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн республиканын колхоздору менен совхоздорунун пайдаланылбаган зор резервдери бар. Айыл чарба өндүрүшүнүн сезондуулугунун натыйжасында эл чарбасынын башка тармактарына салыштырганда анда жылдын айрым учурларында, өзгөчө кыш мезгилинде эреже катарында эмгек ресурстарынын пайдаланылбаган резервдери бир кыйла көп болот. Мындан тышкары, колхозчулардын жана жумушчулардын жеке көмөкчү

чарбасын сактоонун объективдүү зарылчылыгынын натыйжасында айыл чарбасынын эмгек ресурстарынын бир кыйла бөлүгү жеке көмөкчү жана короо чарбасында иштейт.

Өндүрүштү өстүрүүнүн интенсивдүү факторлорун кеңири колдонуунун негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүнүн жогорку темптерин камсыз кылуунун жана селолук эмгек ресурстарынын белгилүү бөлүгүн бошотуп алуунун башкы шарты болуп саналат. Алардын арасында чечүүчү фактор болуп колхоздук-совхоздук өндүрүштүн илимий-техникалык прогрессин жана техникалык жактан жабдылышын тездетүү эсептелет.

Бир адистиктеги колхоздор үчүн бирдей экономикалык шарттарды бара-бара түзүү максатында, биздин пикирибизче, адегенде чарбалардын айрым топторун жакындатууну, андан кийин алардын бир калыпта фонду жана энергия менен камсыз болушунун деңгелин камсыз кылгыдай экономикалык өбөлгөлөрдү түзүү зарыл.

Айыл чарбасынын эмгек ресурстарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануууда, колхоздор менен совхоздордо эмгекти пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууда эмгектин натыйжасына айыл-кыштак эмгекчилеринин материалдык кызыкчылыгын дайыма өркүндөтүү маселесинин өзгөчө зор мааниси бар. Совхоздук тарифтик ставкалардын деңгелинде колхоздордо гарантияланган эмгек акыны киргизүү жана аны мындан ары да өркүндөтүү жалпысынан айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү камсыз кылды, бул болсо өз кезегинде колхозчулардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатууга алып келди.

Ошондуктан бир киши-күнүнө чагып эсептегенде колхоздордогу эмгек акынын өлчөмү орточо совхоздук деңгелден алып түшкөндүктөн аларда эмгегине жараша акыны өстүрүүнүн темптерин жасалма түрдө токтотуу зарыл деп эсептеген экономисттердин пикири туура эмес. Мында колхоздордо эмгегине жараша акы төлөө фондусун өстүрүүнүн темптерин аныктоочу шарттар жана факторлор эске алынбайт. Бул жерде баарынан мурда айыл чарбасында кайрадан өндүрүп көбөйтүүнүн негизги экономикалык пропорцияларынын бирин — бир

жагынан өндүрүштүн көлөмүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жана экинчи жагынан эмгегине жараша акы төлөө фондусунун деңгели ортосундагы оптималдуу катышты так сактоонун принциптерине негизденүү керек. Оптималдуу деп биринчи эки көрсөткүчтү өстүрүүнүн темптери эмгегине жараша акы төлөөнүн деңгелин жана фондусун өстүрүүнүн темптеринен дайыма озуп кеткен кездеги катышты айтабыз. Мында анализ көрсөткөндөй, эмгегинин натыйжасына кызматкерлердин материалдык жактан кызыкчылыгы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны өстүрүүнүн темптеринин дал ушундай катышында бир кыйла жогорулайт. Ошондуктан эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны өстүрүүнүн темптеринин оптималдуу катышында эмгегине жараша акы төлөө фондусуна деңгелин мындан ары көбөйтүү, эмгегине жараша бөлүштүрүүнүн экономикалык законунун талаптарына толук ылайык келүүчү закон ченемдүү кубулуш болуп саналат. Оптималдуулук эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн индекси менен эмгек акынын индекси ортосундагы катыш менен туура аныкталат. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны өстүрүүнүн ортосундагы катыш анын коэффициенти 1 цифрасынан ашып түшкөндө оптималдуу болуп саналат. Колхоздордо эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны өстүрүү боюнча партиянын XXV съезди тарабынан каралган катыш 1,12 коэффициентине барабар.

1970—1977-жылдарда Кыргыз ССРинин колхоздорунда дүң киреше боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн индекси менен эмгек акынын индекси ортосундагы катыштын коэффициенти 1 цифрасына жеткен эмес (0,97). Демек, колхоздордо эмгек өндүрүмдүүлүгү менен эмгек акынын ортосундагы катыштын оптималдуулугу бузулуп, эмгек акынын өстүрүүнүн темптеринин бир аз озуп кетүүсүнө алып келди дегендикке жатат. Республиканын колхоздорунда киши-күнүнө акы төлөөнүн эң жогорку деңгелин эске алуу менен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн индекси менен эмгек акынын индекси ортосундагы катыштын оптималдуулук коэффициентин мындан ары 1,2—1,4 деңгелинде белгилөө максатка ылайыктуу болор эле. Бул катышты дүң киреше (накта продукция) боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүш темптерине негизденүү менен эсептөө максатка ылайыктуу, анткени эмгекке жараша акы төлөө фондусу, эреже катарында,

айыл чарбасынын дүң продукциясынан эмес реализацияланган дүң кирешесинен түзүлөт. Бул учурда колхоздордо коомдук керектөө фондуларын жеке керектөө фондусун өстүрүү темптерине караганда озунку түрдө көбөйтүүнү камсыз кылуу өзгөчө маанилүү. Азыркы убакта Кыргыз ССРинин колхоздорунда киши-күнүнө акы төлөөнүн деңгели республиканын совхоздоруна жана өлкөбүздүн колхоздору боюнча орточо алгандагыга караганда жогору. Бул шарттарда колхоздордо коомдук керектөө фондуларын басымдуу түрдө көбөйтүү, колхоздук айыл-кыштактарда эмгек өндүрүмдүүлүгүн мындан ары жогорулатуу үчүн зарыл материалдык жана социалдык шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүн мындан ары жогорулатуу үчүн зарыл социалдык-экономикалык шарттарды түзүү менен бирге колхоздордо коомдук керектөө фондуларын тездик менен басымдуу түрдө өнүктүрүү айыл чарба эмгекчилери үчүн рухий байлыктарды, маданий-турмуш жана социалдык шарттарды түзүү жагынан шаар менен кыштактын ортосундагы орчундуу айырмачылыктарды жоюуга көмөк көрсөтөт.

Колхоздордо керектөөнүн жана каражат топтоонун оптималдуу пропорцияларын белгилөө маанилүү эл чарба милдети болуп саналат. Кыргыз ССРинин шарттарында колхоз өндүрүшүн өнүктүрүүнүн азыркы этабында биздин пикирибизче, реализацияланган дүң киреше менен эмгек акынын ортосундагы 2:1 катышы оптималдуу болуп саналат. Колхоздордо өндүрүштүк каражат топтоонун оптималдуу нормасы деп мамлекетке тийиштүү үлүштү төлөгөндөн кийин чарбаларда калуучу накта кирешенин көлөмүнүн төрттөн үч бөлүгүн эсептөө керек деп ойлойбуз.

Илимий-техникалык прогрессти тездетүү, негизги өндүрүш фондуларын топтоо жолу менен айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын бардык чаралар менен чындоо жана аларды туруктуу түрдө дайыма өркүндөтүп туруу анын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө, колхоз-совхоз өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда чечүүчү маанige ээ.

Бирок азыркы убакта айыл чарба өндүрүшүнүн фонду менен жабдылышынын деңгели дыйканчылыкта жана мал чарбасында өндүрүштүк процесстерди комплекс-

түү механизациялоону жана автоматташтырууну киргизүү үчүн жетишсиз болуп саналат. Азыркы учурда айыл чарбасында эмгектин фонду менен камсыз болушу өнөр жайдагыга караганда төмөн экендигин жогоруда айтып өттүк. Мунун натыйжасында айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели өнөр жайдагы деңгелден бир далай (2—2,2 эсе) артта калууда.

Ошол эле учурда марксизм-ленинизм мындай деп үйрөтөт: өнүккөн коомдук өндүрүштө эмгектин фонду жана энергия менен бир кыйла жогорку даражада камсыз болушу жана мунун негизинде өнөр жайга салыштырганда айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн эң тез темптер менен өстүрүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жалпыга бирдей экономикалык районунун күчүнүн закон ченемдүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Мунун өзү алдыңкы звенолордун, бригадалардын жана өлкөдөгү адистеширилген чарбалардын практикасы менен ырасталып отурат.

Айыл чарбасында эмгектин фонду жана энергия менен озуңку турдө жабдылышынын зарылчылыгы жана закон ченемдүүлүгү мына булар менен түшүндүрүлөт: биринчиден, сезондуулукка, жумуш мезгилинин өндүрүш убактысына туура келбегендигине жана жаратылыш-климаттык шарттардын бир кыйла таасир этишине байланыштуу эл чарбасынын башка тармактарына караганда өндүрүштүн техникалык каражаттарынын бир кыйла массасын эң кыска мөөнөттө топ-тобу менен колдонуу зарыл болот; экинчиден, кыймылдаткычтын энергетикалык кубаты жумушчу машиналар менен агрегаттардын иштеши үчүн толук пайдаланылуучу өнөр жайдан айырмаланып, айыл чарбасында кыймылдаткычтардын энергетикалык кубатынын бир кыйла бөлүгү машиналардын өздөрүнүн жана алардын чиркегичтеринин мейкиндикте бир жерден экинчи жерге жылып жүрүшүнө сарпталат; үчүнчүдөн, айыл чарба машиналарынын эскирип тозушунун чыныгы нормасы өнөр жайында иштеген машиналарга, кыймылдаткычтарга, жумушчу агрегаттарга жана жабдууларга караганда бир кыйла жогору. Мына ушул спецификалык өзгөчөлүктөрдүн натыйжасында айыл чарба өндүрүшүнө эмгектин энергия жана фонду менен өнөр жайга караганда бир кыйла жогорку даражада жабдылышы талап кылынып отурат.

Кийинки убакыттарда айыл чарбасын индустриялаш-

тыруу жана ургаалдаштырууну бир кыйла күчөтүү боюнча аны өнүктүрүүнүн комплекстүү программасын ишке ашыруунун натыйжасында колхоздор менен совхоздордо эмгектин фонду менен жабдылышы өнөр жайга салыштырганда озуңку темптер менен өсүп жатат. Ошондой болсо да кийинки жылдарда эмгектин фонду менен жабдылышын жана айыл чарба өндүрүшүнүн энергия менен камсыз болушун тез темптер менен өстүрүүгө карабастан, колхоздор менен совхоздордо өндүрүштүк фондуларды пайдалануунун натыйжалуулугу төмөндөөдө. Колхоздор менен совхоздордун негизги өндүрүштүк фондуларынын наркынын ар бир 100 сомуна чагып эсептегенде дүң продукцияны жана дүң кирешени өндүрүүнүн көлөмү кыскарууда.

1965—1975-жылдарда республиканын колхоздорунда негизги өндүрүштүк фондуларды өстүрүүнүн динамикасы эмгек өндүрүмдүүлүгүн тийиштүү түрдө өстүрүүнү камсыз кылган жок. Эгер ушул мезгилдин ичинде айыл чарбалык арноодогу негизги өндүрүштүк фондулар 2,8 эсе өскөн болсо, анда эмгек өндүрүмдүүлүгү (дүң продукция боюнча) 30,5 процент гана жогорулаган, же эмгек өндүрүмдүүлүгү негизги өндүрүштүк фондуларды өстүрүү темптеринен 2,13 эсе төмөн даражада өскөн.

Ушул мезгилдин ичинде Кыргызстандын колхоздорунда негизги өндүрүштүк фондулардын балансылык наркынын ар бир 100 сомуна чагып эсептегенде дүң продукцияны жана дүң кирешени өндүрүү төмөндөп, 1975-жылы тийиштүүлүгүнө карай 1965-жылдын деңгелин 45,8 жана 48,8 процентин түзгөн. Бул демек 1975-жылы дүң продукцияны жана дүң кирешени өндүрүү боюнча республиканын колхоздорунда фондунун акталышы өндүрүштүн фонду менен жабдылышын бир кыйла өстүрүүнүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жай темптер менен жогорулатуунун натыйжасында 1965-жылга салыштырганда тийиштүүлүгүнө карай 54,2 жана 51,1 процентке төмөндөгөн дегендикке жатат.

Колхоздордо негизги өндүрүштүк фондуларды натыйжалуу пайдалануудагы зор айырмачылыктар республиканын айрым райондору менен зоналарында байкалууда. Бардык колхоздордо фондунун акталышынын деңгелин орточо республикалык көрсөткүчкө чейин жо-

горулатканда республиканын айыл чарбасы кошумча түрдө болжол менен 20—25 миллион сомдук дүң продукция, 15 млн. сомго жакын дүң киреше жана 4—6 млн. сом накта киреше алар эле.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда негизги өндүрүштүк фондуларды пайдаланууну натыйжалуулугун төмөндөтүүнүн башкы себептерине төмөндөгүлөр кирет: негизги өндүрүштүк фондуларды, өзгөчө өндүрүштүн техникалык каражаттарын канаат-тандырарлык эмес пайдалануу, негизги фондулардын структурасынын өркүндөтүлбөгөндүгү, кызмат кылуу мөөнөттөрү нормативден ашып кеткен эски машиналардын болушу жана аларды колдонуу, негизги фондуларды натыйжалуу пайдалануу дем берүүнүн жетишсиздиги, тармактар боюнча капиталдык салымдардын структурасындагы кемчиликтер жана алардын көптөгөн объектилерге бытырандыланып чачылышы, эмгекти жана өндүрүштү уюштуруунун деңгелинин бир кыйла төмөн болушу ж. б.

Бүткүл өлкө сыяктуу эле Кыргыз ССРинин айыл чарбасын ургаалдуу индустриялаштыруу практика жүзүндө 60-жылдардын экинчи жарымында башталган болучу. Азыркы убакта Кыргызстандын айыл чарбасында аны индустриялаштыруунун алгачкы этабында сөз аз өндүрүмдүү кол эмгегин машиналар менен интенсивдүү алмаштыруу жөнүндө гана болот. Бул мезгилде колхоздор менен совхоздордо негизги өндүрүштүк фондуларды интенсивдүү өстүрүү дайыма эле продукциянын тийиштүү өсүшү же фондунун жогорку даражада актылышы менен бирге боло бербейт. Ошондуктан айыл чарба өндүрүшүндө машиналарды колдонуу баарынан мурда тигил же бул продукцияны өндүрүүгө тирүү эмгектин жумшалышын үнөмдөйт. Белгилүү болгондой, айыл чарбасында негизги өндүрүштүк фондуларды пайдалануунун натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү өндүрүштүн көлөмүнөн жана фонду менен жабдылышынын деңгелинен келип чыккан, башкача айтканда, алар өндүрүш процессинде фондуларга буюмдаштырылган өткөн эмгектин натыйжалуу пайдаланылышынын даражасын чагылдырат. Ошондуктан айыл чарба өндүрүшүндө өзгөчө аны индустриялаштыруунун алгачкы мезгилинде эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелине караганда анын фонду менен камсыз болушун системалуу жана басымдуу түр-

дө жогорулатуу закон ченемдүү жана зарыл кубулуш болуп саналат.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда эмгектин фонду менен жабдылышына караганда эмгек өндүрүмдүүлүгүн жайбаракаттык менен өстүрүү баарынан мурда айыл чарбасында өндүрүш процесстерин комплекстүү механизациялоонун жоктугу, өзгөчө мал чарбасындагы процесстерди механизациялоонун деңгелинин төмөн экендиги менен түшүндүрүлөт. Бул гана эмес, кала берсе мал чарбасына караганда өндүрүш процесстерин механизациялоонун деңгели жогору турган дыйканчылык тармактарында да ушул убакытка чейин бир да өсүмдүк боюнча ырааттуу комплекстүү механизация киргизилген эмес, мунун өзү, албетте, экинчи даражалуу аралык өндүрүштүк процесстерде аз өндүрүмдүү кол эмгегин жумшоону бир кыйла көбөйтүүгө алып келип тургандыгы табигый иш. Бул жөнүндө жолдош Л. И. Брежнев КПСС БКнын июль (1978-ж.) Пленумунда жасаган өзүнүн докладында мындай деген: «...азыркы убакта образдуу айтканда механизациядагы» ак такты жаба «ала турган машиналарды биринчи кезекте киргизүүнү өзгөчө бөлүп көрсөтүү, айыл чарба кызматкерлерине кол эмгегин машиналар менен тезирээк алмаштыруу үчүн мүмкүндүк берүү керек». Жолдош Л. И. Брежневдин бул көрсөтмөсү азыр да зор практикалык жана эскирбес мааниге ээ.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда негизги фондуларды пайдаланууну натыйжалуулугунун төмөн болушунун негизги себептеринин бири болуп алардын структурасынын өркүндөтүлбөгөндүгү эсептеле тургандыгы жогоруда айтылып өттү. Негизги фондуларды натыйжалуу пайдалануда алардын активдүү жана пассивдүү бөлүктөрүнүн, күч жана иштөөчү машиналардын оптималдуу катышы, ошондой эле негизги жана жүгүртүлүүчү өндүрүштүк фондулардын катышы зор мааниге ээ. Республиканын колхоздорунда күч жана жумушчу машиналардын, транспорттук каражаттардын наркы менен өндүрүш имараттарынын, бөлмөлөрүнүн жана курулуштарынын наркынын ортосундагы катыш 1978-жылдын башында 0,33:1 түзгөн. Фондулардын активдүү жана пассивдүү бөлүктөрүнүн мына ушундай катышы республиканын айыл чарбасынын мал өстүрүүгө адистештирилишин эске алганда да, туура эмес жа-

на айыл чарба өндүрүшүн бардык чаралар менен индустриялаштыруунун жана ургалдаштыруунун азыркы талаптарына ылайык келбей тургандыгын белгилеп кетүү керек. Адистештирилген алдыңкы чарбаларда бул катыш 1:1 жана андан жогору даражага барабар. Кыргызстандын шарттарында айыл чарбалык арноодогу негизги өндүрүштүк фондулардын активдүү жана пассивдүү бөлүктөрүнүн оптималдуу катышы болуп 1:1 катышын эсептейбиз, ал эми демек келечекте күч жана жумушчу машиналарды, транспорттук каражаттарды жана жабдууларды сатып алууга киргизилген салымдарды озуңку темптер менен өстүрүүнү камсыз кылуу максатында колхоздор менен совхоздордун өздөрүнүн капиталдык салымдарын туура бөлүштүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл болот.

Колхоздор менен совхоздордо негизги фондулардын натыйжалуулугунун дагы бир маанилүү катышы болуп күч жана жумушчу машиналардын катышы эсептелет. Бул катыш айыл чарбасында ар түрдүү өндүрүштүк процесстерди өз убагында, сапаттуу жана бир катар учурларда экинчи бир жумушту кошо аткаруу үчүн оптималдуу сандагы зарыл жумушчу машиналар жана агрегаттар менен күч машиналарынын камсыз болушунун деңгелин көрсөтөт. Республиканын колхоздору менен совхоздорунда 1978-жылдын башында күч машиналарынын наркы менен жумушчу машиналардын наркынын ортосундагы катыш 0,9:1 түзгөн. Жумушчу машиналар жана агрегаттар менен зор ылдамдыкта жүрүүчү кубаттуу тракторлордун жана дагы башка күч машиналарынын ортосундагы мындай катышты эң өндүрүмдүү пайдалануу жагынан алып караганда натыйжалуу эмес деп эсептөө керек. Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорундагы шарттарда күч жана жумушчу машиналардын оптималдуу катышы болуп, биздин пикирибизче, 1:2 катышы эсептелет.

Негизги жана жүгүртүлүүчү өндүрүштүк фондулардын өлчөмдөрүнүн рационалдуу катышы колхоздор менен совхоздордо фондуларды натыйжалуу пайдалануунун маанилүү өндүрүштүк пропорцияларынын бири болуп саналат. Республиканын бир топ колхоздорунун маалыматтарын анализдөө мына муну көрсөттү: өндүрүштүн жогорку натыйжалуулугуна негизги өндүрүш фондуларынын наркы менен жүгүртүлүүчү өндүрүштүк

фондулардын наркынын суммасы ортосундагы катыш 1,8—2,1 болгондо жетишилет, бул учурда же аянтынын бирдигине айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүүнүн бир кыйла даражасы жана фондунун эң жогорку көрсөткүчтө акталышы камсыз кылынат.

Өндүрүштүн тоолуу шарттарына иштеп жаткан негизги айыл чарба машиналарынын ылайыкталбагандыгы айыл чарбасында өндүрүш процесстерин комплекстүү киргизүүдө жана Кыргызстандын шарттарында машина техникасын эң натыйжалуу пайдалануууда белгилүү тоскоолдук болуп саналат. Азыркы убакта чыгарылып жаткан тракторлор, комбайндар жана башка айыл чарба машиналары негизинен өлкөбүздүн түзөң жерлеринде пайдаланууга болжолдонгон. Ошондуктан биздин пикирибизче, бийик тоолуу шарттарда дыйканчылыкты жана өзгөчө мал чарбасын комплекстүү механизациялоонун проблемаларын тез чечүү максатында трактор жана айыл чарба машиналарын куруу өнөр жайынын кээ бир ишканаларын өндүрүштүн тоолуу шарттарына ыңгайлаштырылган машиналарды жасап чыгарууга адистештирүүнү жүргүзүү максатка ылайыктуу болор эле.

Айыл чарбасын техникалык жактан кайрадан куралдандырууну тездетүү жана мал чарба продукциясын өндүрүү боюнча ири мамлекеттик, колхоздор аралык өнөр жай комплекстери менен чарбаларын түзүү милдеттери мамлекеттик план боюнча бөлүнүп берилген каражаттардын эсебинен да, ошондой эле колхоздордун, совхоздордун жана чарбалар аралык бирикмелердин каражаттарынын эсебинен да капиталдык салымдардын көлөмүн бир кыйла көбөйтүүнүн зарылчылыгын талап кылат. Бул салымдардын негизги бөлүгүн колхоздук-совхоздук өндүрүштү мындан ары да ургаалдаштырууга, өнөр жайлык негизде ири мал чарба комплекстерин түзүүгө, сугат жерлерди кенейтүүгө, айыл чарбасын техникалык кайрадан куралдандырууга багыттоо зарыл. Капиталдык салымдардын бүткүл көлөмүн ийгиликтүү өздөштүрүү жана материалдык ресурстар менен камсыз кылуу Кыргыз ССРинин айыл чарбасына толук индустриялаштыруунун жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн олуттуу түрдө жогорулатуунун жолунда алга карай ири кадам шилтөөгө мүмкүндүк берет.

4. ИНТЕГРАЦИЯ — АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА ЭМГЕК ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУНУН ЭҢ МААНИЛҮҮ ФАКТОРУ

Коммунисттик курулуштун азыркы этабында илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн негизинде коомдук өндүрүштү бардык жагынан ургаалдаштыруу бүткүл эл чарбасын өнүктүрүүнүн башкы фактору жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн, экономиканын натыйжалуулугун өстүрүүнүн негизги фактору болду. Өнүккөн социалисттик коомдун шарттарында коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруу жалпынын кучагына алуучу мүнөзгө ээ болуп, өндүргүч күчтөрдүн бардык элементтерин чагылдырып, бүткүл экономиканы бардык жагынан комплекстүү өркүндөтүүгө жана коомдун таламдары үчүн эмгекти жана каражаттарды эң аз жумшоо менен эң зор натыйжаларга жетишүүгө чечүүчү таасир этет. Ошону менен бирге коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруу эмгекчилердин материалдык жана маданий керектөөлөрүн эң толук канааттандырууну камсыз кылуунун негизги шарты болуп саналат.

В. И. Ленин капитализмдин шарттарында айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруу процессин анализдеп келип, мындай деп көрсөткөн: «Жер семирткичтерине жумшалган чыгымдар жөнүндө жана шаймандар менен машиналардын наркы жөнүндө маалыматтар дыйканчылыкты ургаалдаштыруунун даражасынын статистикалык так чагылдырылышы болуп кызмат кылат»[1].

Айыл чарбасында экстенсивдүү негизде кайтадан кеңири өндүрүү кошумча жумушчу күчүн тартуунун, айдоо аянттарын кеңейтүүнүн жана продуктуулуу малдын санын көбөйтүүнүн эсебинен дыйканчылык жана мал чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү менен мүнөздөлөт, бирок колдонулуучу эмгектин квалификациясы, технологиялык базасы, өндүрүштү уюштуруунун технологиясы жана деңгели өзгөрбөйт. Ал эми интенсивдүү (ургаалдаштыруу) негизде кайтадан кеңири өндүрүү өндүрүштүн эң өркүндөтүлгөн жана натыйжалуу каражаттарын колдонуунун, өндүрүштүн бардык ресурстарын пайдаланууунун натыйжалуулугун жогорулатуунун

---

[1] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 27-т., 159—160-беттер.

эсебинен жана өндүрүштүн эң жаңы технологиясын жана уюштурулушун колдонуунун эсебинен айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүү дегендикке жатат, мында айдоо аянттарынын көлөмү, колдонулуп жаткан жумушчу күчүнүн өлчөмү жана продуктуулуу малдын саны өзгөрбөгөн бойдон калат же атүгүл кыскарышы да мүмкүн. Социалисттик айыл чарбасында кайтадан кеңири өндүрүүнүн интенсивдүү формасында коомдук өндүрүш негизинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен улам барган сайын кеңири масштабда өнүгөт.

Демек өнүккөн социализмдин шарттарында айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруунун мазмуну эмгек өндүрүмдүүлүгүн, өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүдө жана анын натыйжалуулугун илимий-техникалык революциянын тездетилишинин негизинде жогорулатууда жана колхоз-совхоз өндүрүшүнүн бардык ресурстарын эң натыйжалуу пайдалануунда турат. Бул аныктамадан мына булар келип чыгат: коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугунун жана аны ургаалдаштыруунун проблемасы өз ара байланышкан жана өз ара бири бирине шарт түзөт. Эгер бардык жагынан ургаалдаштыруу социалисттик өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууда негизги багыт болсо, анда экономиканын натыйжалуулугун жогорулатуунун өзү келечекте натыйжалуулукту эң олуттуу жогорулатуу үчүн эл чарбасынын бардык тармактарында коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруу процессин дагы да күчөтүүгө жана тереңдетүүгө шарт түзөт. Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун социалисттик өндүрүштүн максаттарына жетишүү үчүн бардык өндүрүштүк ресурстарды эң толук жана натыйжалуу пайдалануунун негизинде өндүрүш процессинде түзүлгөн пайдалуу натыйжа көрсөтөт. Өндүрүштү ургаалдаштыруу процесси эмгек өндүрүмдүүлүгүн, экономиканын натыйжалуулугун жогорулатуунун жана социалисттик өндүрүштүн максатына жетишүүнүн жолдорун жана каражаттарын мүнөздөйт.

Бардык жагынан ургаалдаштыруу социалисттик айыл чарбасын өнүктүрүүдө жана анын натыйжалуулугун жогорулатууда негизги багыт болуп саналат. Колхоз-совхоз өндүрүшүн мындан ары өнүктүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги жолдору жана шарттары болуп «...айыл чарбасынын мате-

риалдык-техникалык базасын бардык чаралар менен чыңдоо, дыйканчылыкты жана мал чарбасын химиялаштыруу, комплекстүү механизациялоо, жерлерди кеңири мелиорациялоо жолу менен аны ургаалдаштыруу-га бет алууну ырааттуулук менен ишке ашыруу эсептелет»[1].

Айыл чарба өндүрүшүн жана анын натыйжалуулугун өнүктүрүүнүн деңгели баарынан мурда айыл чарбасындагы өндүрүштүн негизги каражаты болгон жер ресурстарын рационалдуу жана өндүрүмдүү пайдалануу-га байланышкан. Жер ресурстарын рационалдуу пайдалануу дыйканчылык тармактарынын натыйжалуулугу менен аны өнүктүрүүнүн деңгелин гана эмес, ошону менен бирге азыркы ургаалдаштырылган мал чарбасынын тармактарын өстүрүү темптери менен алардын натыйжалуулугун да аныктайт. 1975—1980-жылдарда СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча КПССтин XXV съездинин материалдарында жерлерди мелиоративдик жактан түп тамырынан бери жакшыртуунун, минералдык жана органикалык жер семирткичтерди кеңири пайдалануунун, эрозияга каршы чараларды жүргүзүүнүн, туура которуштуруп айдоону өздөштүрүүнүн жана мунун негизинде кыртыштардын асылдуулугун бир кыйла жогорулатууну камсыз кылуунун зарылчылыгы өзгөчө белгиленген.

Айыл чарбасында жаратылыштын түбөлүктүү жана алмаштырылгыс продукты болуу менен өндүрүштүн негизги каражаты катарында пайдаланыла тургандыгы белгилүү. Өндүрүштүн башка каражаттарынан айырмаланып, ал айыл чарба өндүрүшүнүн процессинде акылэстүү жана туура пайдаланганда тозбогондугу жана асылдуулугун төмөндөтпөгөндүгү мындай турсун, кайра сапат жагынан жакшырып, бир эле аянттан айыл чарба продукциясын улам көп алууну камсыз кылат. Өндүргүч күчтөр жана илимий-техникалык прогресс өнүккөн сайын социалисттик коом химиялаштырууга, мелиорациялоого, ирригацияга ж. б. улам зор капиталдык салымдарды жумшап жатат, мунун өзү жер ресурстарынын продуктуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтөт. К. Маркс мындай деп жазган: «...жердин асылдуулугу кыртыштын объективдүү касиети болуп саналса да, эко-

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары, 1976-ж., 267-бет.

номикалык жактан ал белгилүү катышты — дыйканчылык химиясын өнүктүрүүнүн белгилүү деңгели менен болгон катышы дайыма билдирет, дал ошондуктан өнүгүштүн ушул деңгели менен бирге өзгөрүп турат»[1].

Партиянын XXV съезди тарабынан өлкөбүздүн айыл чарбасынын алдына өндүрүштү бардык чаралар менен ургалдаштыруунун негизинде калктын тамак-аш продукцияларына болгон жана өнөр жайдын сырьёго болгон керектөөлөрүн эң толук канааттандыруу үчүн айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүнү камсыз кылуу милдети коюлган. Бул жооптуу милдетти ийгиликтүү чечүү негизинен өлкөнүн жер ресурстары канчалык натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланыла тургандыгына жараша болот.

Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жаратылыш шарттарына тыгыз байланышкан, анткени бул шарттар ага бир кыйла таасир этет. Мунун өзү айыл чарбасынын негизги спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Мында жаратылыш шарттарынын таасирине өзгөчө айыл чарба өндүрүшүнүн дыйканчылык тармактары дуушар болот, деген менен илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү алардын терс таасирлеринин күчүн бир аз да болсо төмөндөтүүдө. Азыркы шарттарда өндүрүш процесстерин нормалдуу уюштурган кезде мал чарба тармактары табигый шарттардын таасирине көз каранды эмес десе болот. «Дыйканчылык эмгегинин өндүрүмдүүлүгү,— деп жазган К. Маркс,— жаратылыш шарттарына байланышкан, ошондуктан кийинкилердин өндүрүмдүүлүгүнө жараша бир эле эмгектин саны продуктылардын, керектөө нарктарынын көп же аз саны менен туюнтулушу мүмкүн[2].

Демек, кала берсе бирдей эле жаратылыш шарттарында жер ресурстарынын айрым участокторунун өндүрүш жөндөмдүүлүгүндөгү айырмачылыктар айыл чарба өндүрүшүнүн объективдүү шарты жана айыл чарба эмгегинин өндүрүмдүүлүгү менен айыл чарба ишканаларынын өндүрүштүк ишинин натыйжаларындагы айырмачылыктарга шарт түзгөн сөзсүз болуучу фактор болуп саналат. Бул боюнча В. И. Ленин мындай деп көрсөт-

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 25-т., II-бөлүм.
[2] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 25-т., II-бөлүм, 202-бет.

көн: «...жер жүзүндө айрым чарбалардын ортосунда сөзсүз айырмачылыктар болот, алар жердин күрдүүлүгүндөгү айырмачылыктарга... жерге жумшалган кошумча капиталдын өндүрүмдүүлүгүнө байланыштуу келип чыгат. Кыскача болсун үчүн бул айырмачылыктарды (бирок тигил же бул айырмачылыктардын булактарынын бирдей эместигин эске алуу менен) мыкты жана начар жерлердин айырмачылыктары катарында кароо керек[1].

Мына ошентип жаратылыш-климаттык шарттардагы айырмачылык айыл чарба өндүрүшүндө акыр-аягында кыртыштык айырмачылыктардын дифференцияланган асылдуулугу аркылуу билинет. Ар түрдүү жерлерди айтпаганда да бирдей эле жаратылыш зонасынын же райондун айыл чарба ишканаларынын чарбалык ишинин натыйжалары бирдей болбой турган учурлар практикада сейрек эмес. Мындай айырмачылыктын негизги себеби болуп айыл чарбасынын жер жана эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууунун ар түрдүү деңгели эсептелет.

Кыргыз ССРи эл чарбасын тез темптер менен өнүктүрүү үчүн азыркы убакта кеңири пайдаланылып жаткан минералдык-сырьелук, энергетикалык, жер-суу жана башка жаратылыш ресурстары менен айырмаланат. Анын жаратылыш ресурстары айыл чарба өндүрүшүн, өзгөчө мал чарбасын өнүктүрүү үчүн да эбегейсиз зор.

Жаңы Конституциянын 2-главасынын 16-статьясында мындай деп айтылган: «Кыргыз ССРинин экономикасы СССРдин территориясында коомдук өндүрүштүн, бөлүштүрүүнүн жана алмашуунун бардык звенолорун кучагына алган бирдиктүү эл чарба комплексинин составдык бөлүгү болуп саналат».

Экономикага жетекчилик кылуу тармактык жана территориялык принциптерди эске алуу менен экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн мамлекеттик пландарынын негизинде ишке ашырылат, мында борборлоштурулган башкаруу ишканалардын, бирикмелердин жана башка уюмдардын чарбалык өзүнчөлүгү жана демилгеси менен айкалышууга тийиш. Бул учурда чарбалык эсеп, киреше жана өздүк нарк, дагы башка экономикалык дем берүүлөр менен кызыктыруулар активдүү пайдаланылат.

[1] В. И. Ленин. Чыгармалардын толук жыйнагы, 16-т., 274-бет.

Кыргыз ССРинин экономикасы ар кандай башка союздук республикасындай эле ажырагыс экономикалык байланыштардын көптөгөн тармактары менен өз ара тыгыз байланышкан жана жалпысынан бүткүл социалисттик коомдун, атап айтканда Кыргыз республикасынын таламдары үчүн бирдиктүү мамлекеттик план боюнча өнүгүп жаткан өлкөнүн чарбалык организминин ажырагыс составдык бөлүгү болуп саналат. Жолдош Л. И. Брежнев СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына арналган өзүнүн докладында мындай деп белгилеген: «Советтер Союзунун экономикасы — бул айрым республикалар менен областтардын экономикаларынын суммасы эмес. Бул эми бардык улуттар менен элдердин жалпы экономикалык максаттарынын жана кызыкчылыктарынын негизинде алда качан бирдиктүү болуп түзүлгөн чарбалык организм»[1]. Өлкөбүздүн бирдиктүү, өз ара байланышкан жана кубаттуу эл чарба комплексин түзүү биздин өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин биргелешкен баатырдык күч-аракеттери жана кайраттуу эмгеги менен жетилген социалисттик коомду куруунун негизги экономикалык жыйынтыгы болуп саналат. Бүткүл өлкөнүн чегинде түзүлгөн бирдиктүү эл чарба комплекси өз кезегинде СССР элдеринин бузулбас достугунун жана боордош кызматташтыгынын бекем материалдык негизине айланды. Өлкөнүн жана аны түзгөн республикалардын ар биринин жалпы таламдарынын толук ылайык келиши менен ар бир республика үчүн эмгекти бөлүштүрүүнүн жана территориялык пропорциялардын негизинде анын чарбаларын өнүктүрүү үчүн эң жагымдуу жаратылыш-экономикалык шарттары бар өндүрүштөрдө адистештирүү каралган. Бул учурда коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун комплекстүүлүгүн камсыз кылуу максатында региондун жаратылыш, материалдык жана эмгек ресурстарын рационалдуу пайдалануу камсыз кылынат.

Кыргыз ССРинин эл чарба комплекси белгилүү региондун территориясында жайгашып белгилүү өзүнчөлүккө ээ болгон, ошол эле кезде СССРдин бирдиктүү эл чарба комплексинин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана аны менен, өлкөнүн дагы башка региондорунун

---

[1] Л. И. Брежнев. Лениндик курс менен. Кыргызстан, 1974-ж.

экономикасы менен интеграцияланган ар түрдүү чарбалык деңгелдеги коомдук өндүрүштүн өз ара байланышкан тармактарынын экономикалык жактан бүтүн комплекстүү система болуп эсептелет. Союздук республиканын экономикасын комплекстүү өнүктүрүү эмгекти коомдук бөлүштүрүүгө, көп тармактуу республикалар аралык экономикалык байланышка жана жалпысынан өлкөнүн эл чарбасы жана башка региондордун чарбалары менен социалисттик интеграцияга негизделген. Бардык жагынан өнүккөн экономикалык байланыштарда союздук республикалардын социалисттик өз ара жардамдашуусу жана тыгыз боордоштук кызматташуусу ачыкайкын көрүнүп турат. Элдердин экономикалык кызматташтыгы жана бир туугандык өз ара байланыштуулары коомдук өндүрүштү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү темптерин тездетүүнүн, өлкө боюнча бүтүндөй алганда анын натыйжалуулугун жогорулатуунун жана айрым ар бир союздук республиканын чарбалык комплексинин натыйжалуулугун көтөрүүнүн эң маанилүү факторлору болуп саналат.

Социалисттик интернационалдаштыруу жана мурда артта калган бытыранды улуттук экономикаларды интеграциялоо Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин жана өндүрүш каражаттарына орнотулган коомдук менчикке негизделген көп улуттуу совет мамлекетинин түзүлүшүнүн натыйжасында мүмкүн болду. К. Маркс мындай деп айткан: «...элдер чынында да бириге алсын үчүн алардын кызыкчылыгы бирдей болууга тийиш. Ал эми алардын кызыкчылыгы бирдей болсун үчүн менчиктин азыркы катышы жок кылынууга тийиш, анткени менчиктин азыркы катышы бир элдин башка эл тарабынан эксплуатацияланышына шарт түзөт»[1]. Мында Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин биздин өлкөбүздө жашаган элдердин улуттук экономикаларынын өнүгүү деңгели ар түрдүү даражада болгон. Империалисттик Россиянын өндүргүч күчтөрү жалпысынан төмөн болуу менен анын улуттук элеттеринин экономикасы капитализмге чейинки коомдук өнүгүштүн ар түрдүү стадияларында болуп, аябай артта калгандыгы менен мүнөздөлгөн. Улуу Октябрдын жеңи-

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыгармалар, 4-т., 371-бет.

шинен кийин социализмдин жаратылышынын өзүнөн жана анын өндүрүштүк мамилелеринен — жолдоштук кызматташтыктын жана социалисттик өз ара жардамдашуунун мамилелеринен келип чыгуучу улуттук экономикаларды интернационалдаштырууну жана интеграциялоону өнүктүрүү элдердин чыныгы экономикалык жана саясий тең укуктуулугун, бардык республикалардын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө зор секирик жасоону жана көп улуттуу совет мамлекетинин бирдиктүү экономикасын тездик менен өстүрүүнү камсыз кылды. Жолдош Л. И. Брежнев «ССР Союзунун элүү жылдыгы жөнүндөгү» өзүнүн докладында мындай деп көрсөткөн: «Лениндик улуттук саясаттын негизинде, бүткүл совет элинин кайраттуу эмгеги аркасында биз эски Россия үчүн ушунчалык көнүмүш болуп калган түшүнүк-артта калган улуттук элет деген түшүнүк биротоло жоюлгандыгына жетиштик»[1]. Улуу Октябрдын жеңишинин, бирдиктүү көп улуттуу совет мамлекетинин түзүлүшүнүн натыйжасында биздин өлкөбүздүн бардык улуттарына жана элдерине, өзгөчө мурда артта калып келген элдерге КПССтин акылман лениндик улуттук саясаты, элдердин улуу достугу, ак ниеттүү социалисттик өз ара жардамдашуу жана боордоштук кызматташуу жардамга келди.

Бир тууган элдердин, баарынан мурда улуу орус элинин жардамы менен Советтик Чыгыштагы республикалар кыска тарыхый мөөнөттүн ичинде экономикалык, саясий жана маданий жактан өзүнүн кылымдар бою артта калып келе жаткандыгын жоюп, Чыгыштын чектеш өлкөлөрүн бир далай артта калтыруу менен алдынкы социалисттик улуттардын жана өлкөлөрдүн деңгелине чейин көтөрүлдү. Мында социализмди куруунун жылдары ичинде союздук мамлекеттин активдүү таасири жана жардамы аркасында бирдиктүү эл чарба планынын негизинде мурда артта калып келген элеттердин — Советтик Чыгыш республикаларынын экономикасы тез темптер менен өнүгүп келген. Бул максатка жетишүү жана союздук республикалардын экономикалык жактан өнүгүшүнүн деңгелиндеги кескин айырмачылыктарды жеңүү үчүн союздук мамлекеттик жана

[1] Л. И. Брежнев. ССР Союзунун элүү жылдыгы жөнүндө. 1972, 16-бет.

өлкөнүн бардык региондорунун экономикалык ресурстары кеңири пайдаланылган.

Мына ошентип жалпысынан өлкөнүн экономикасын интернационалдаштыруунун, союздук республикалардын улуттук экономикаларын тыгыз интеграциялоонун негизинде ар бир региондун эл чарба комплекси жана анын базасында СССРдин азыркы бирдиктүү социалисттик экономикасы кайрадан түзүлгөн. Эми улуттук республикалар өлкөнүн бардык элдери менен бирге коммунизмдин материалдык-техникалык базасын ийгиликтүү куруп жаткан гүлдөгөн советтик республикаларга айланды. Мисалы, 1977-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1913-жылга салыштырганда жалпысынан алганда өлкө боюнча 145 эсе, Кыргыз ССРинде — 312, Казак ССРинде — 223 жана Армян ССРинде 312 эсе өскөн. Ушул мезгилдин ичинде айыл чарбасынын дүң продукциясы жалпысынан өлкө боюнча 3,3 эсе, ал эми Кыргыз ССРинде — 6,61, Казак ССРинде—7, Армян ССРинде— 6, Тажик ССРинде — 9,19, Өзбек ССРинде — 6,78 жана Түркмөн ССРинде — 6 эсе өскөн.

Улуу Октябрдын жеңишинен кийинки 60 жылдын ичинде СССРдин бирдиктүү экономикасынын составында социализмди куруу жылдарында түзүлгөн бүткүл өлкөнүн эбегейсиз зор экономикалык жана илимий-техникалык потенциалын активдүү пайдалануу га бардык республикалар менен бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болуп, Кыргыз ССРи турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, өзгөчө экономика жагынан эбегейсиз зор секирик жасады, мурда болуп көрбөгөн гүлдөөгө дуушар болуп, алдыңкы социалисттик өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүнүн деңгелине жетип отурат.

Белгилүү болгондой, тарыхый планда социализмдин курулушунда бүткүл эл чарбасын социалисттик кайра түзүүнү камсыз кылуу максатында өлкөнү индустриялаштырууга чечүүчү роль бөлүнүп берилди. Буга ылайык Кыргызстандын эл чарбасын социалисттик кайра түзүү да республиканы индустриялаштыруудан башталды. Кыргызстанда ал өлкөнүн жалпы өнөр жай прогресси менен ажырагыс байланышта, жергиликтүү шарттарды жана ресурстарды эске алуу менен жүргүзүлгөн. СССРдин составында жана бүткүл өлкөнүн өнөр жай потенциалынан пайдалануунун толук мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен Кыргызстан башка республикалар

сыяктуу эле өнөр жайдын бири калбай бардык тармактарын түзүүнүн зарылчылыгынан кутулду. Ал өнүктүрүү үчүн зарыл ресурстары жана шарттары болгон өнөр жай тармактарын түзүп келген. 60 жылдын ичинде Кыргызстандын өнөр жайы кустардык, мануфактуралык стадиядан азыркы алдыңкы социалисттик машиналык индустриянын деңгелине чейин көтөрүлдү. Эми Кыргызстандын өнөр жайы электр кубатын, көмүр, түстүү металлдарды, автомобилдерди, станокторду, приборлорду, айыл чарба машиналарын, цемент, кездеме, булгаары буюмдарын, тамак-аш продуктыларын жана көптөгөн дагы башка продукцияларды чыгарат.

Региондор ортосундагы эмгекти коомдук бөлүштүрүүнү, алардын экономикасын интернационалдаштырууну жана интеграциялоону мындан ары да күчөтүү өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн азыркы этабынын маанилүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Бул мезгилде республикалар ортосунда экономикалык байланыштар жана кызматташтык терең, көп тараптуу боло баштап, органикалык өз ара байланышууга жана өз ара шарт түзүүчүлүккө ээ болду. Буга Кыргызстандын мисалынан көрүп ишенүүгө болот, анын материалдык өндүрүш чөйрөсүндөгү керектөөлөрдүн үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгү башка республикалардан ташып келтирүүнүн эсебинен канааттандырылат. Ошол эле кезде андагы бүткүл өндүрүлгөн продукциянын 30 проценти анын чегинен тышкары жерлерге, өлкөнүн дагы башка региондоруна ташып чыгарылат.

Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүнүн бүткүл жүрүшү социализмге айрым улуттук чарбалардын чегинде кайтадан өндүрүү процессинин «обочолоолугу» жат болуп санала тургандыгы жөнүндө лениндик жобонун тууралыгын көрсөтөт. Ал «социализмдин тушунда эмгекчи массалардын өздөрү жалаң экономикалык... себептер боюнча обочолоолукка эч жерде макул болбойт»» деп жазган.

Совет бийлигинин 60 жылы ичинде өлкөнүн бирдиктүү эл чарбалык комплексинин составында СССР элдеринин колдоосуна жана өз ара жардамдашуусуна таянып, Кыргыз ССРи республиканын экономикасын эмгекти республикалар аралык бөлүштүрүүгө гана эмес, ошону менен бирге өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарды түзүп чындоого да активдүү жана тең

укуктуу түрдө катышууга мүмкүндүк бергидей деңгелге чейин көтөрүүнү камсыз кылды. Азыркы убакта республиканын өнөр жай продукциясы дүйнө жүзүндөгү 50-дөн ашуун өлкөлөргө экспорттолот.

Эмгекти социалисттик бөлүштүрүүнүн, айрым региондордун экономикасын интеграциялоонун жана интернационалдаштыруунун негизги принциптерине ылайык Кыргызстанда айыл чарбасындагы азыркы илимий-техникалык революция өлкөнүн жалпы прогресси менен кошо тыгыз байланышта ишке ашырылып жатат. Мисалы, республиканын колхоздору менен совхоздорун техникалык жабдуу үчүн тракторлор, автомобилдер, комбайндер, дагы башка айыл чарба машиналары менен жабдуулар Россия Федерациясынын, Украина ССРинин, ошондой эле Казак, Өзбек, Белорус, Молдаван жана дагы башка союздук республикалардын көптөгөн райондорунан жеткирилүүдө. Ошол эле кезде Кыргыз ССРи бардык союздук республикаларга жана көптөгөн чет өлкөлөргө, мунун ичинде өнүккөн капиталисттик өлкөлөргө пресс-подборщиктерди жана ага тиешелүү тетиктерди жөнөтүп турат. Эмгекти жалпы союздук бөлүштүрүүнүн негизинде Кыргыз ССРи бардык союздук республикаларга пахта буласын, жуулбаган жүн, майда тери, жашылчаларды, мөмө-жемиштерди, кумшекер, эт продуктыларын, өсүмдүк майын, дан продуктыларын жана көптөгөн башка продукцияларды ташып чыгарат. Ошол эле кезде ал бардык дээрлик республикалардан картошка, аралаш тоют, минералдык жер семирткичтер, дан, эт продуктыларын жана дагы башка продуктыларды ташып келет.

Кыргыз ССРи айыл чарба чөйрөсүндө эмгекти жалпы союздук бөлүштүрүүдө мал чарбасын, өзгөчө уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын, эң маанилүү техникалык өсүмдүктөрдү: пахта, кант кызылчасын жана тамекини өндүрүүнү өнүктүрүүгө адистештирилүүдө. Уяң жана жарым уяң жүндү өндүрүүнүн көлөмү боюнча, ошондой эле кой этин өндүрүү боюнча Кыргыз ССРи өлкөдө үчүнчү орунду ээлейт. Мисалы 1975-жылы республика боюнча мамлекетке 39,7 миң тонна, ал эми тогузунчу беш жылдыктын жылдары ичинде 185,3 миң тонна жогорку сапаттагы уяң жана жарым уяң жүн тапшырган. Ушул мезгилдин ичинде республикада 607,1 миң тонна кой эти өндүрүлүп, 455 миң тонна даярдалган.

Азыркы убакта 1978-жылдын башында Кыргыз ССРинин айыл чарбасында 183 колхоз жана 198 совхоз иштейт. Орто эсеп менен бир чарбага 27,7 миң гектар айыл чарба жерлери, муну ичинде 3,4 миң гектар айдоо аянты, 26 миң кой, 1860 баш мүйүздүү бодо мал, 580 жылкы, 46,4 эталондук трактор жана 34 жүк автомобили туура келет.

1913-жылы республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясы (1973-жылдын салыштырмалуу баалары менен) 208,5 млн. сом суммасында эсептелген, ал эми азыркы учурда тогузунчу беш жылдыктын жылдары ичинде анын орточо жылдык көлөмү 1310 миллион сомду, 1976-жылы 1383 миллион сомду түзгөн.

Өнүккөн социализмдин азыркы этабында КПССтин XXV съезди тарабынан бекитилген партиянын экономикалык стратегиясында айыл чарбасын мындан ары туруктуу жогорулатуу өзгөчө эл чарбалык маанидеги жалпы мамлекеттик, жалпы элдик милдет катарында коюлуп отурат. Айыл чарбасы материалдык өндүрүштүн эң маанилүү тармагы болуп саналат, анткени аны өнүктүрүүнүн деңгелине онунчу беш жылдыктын негизги милдетин ишке ашыруу, эл чарбасын өнүктүрүүдөгү пропорционалдуулук жана теңме-тендик, өлкөнүн бүткүл экономикасын өстүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун темптери байланыштуу. Партиянын XXV съездинин чечимдеринде көрсөтүлгөндөй, айыл чарба өндүрүшүн мындан ары да өнүктүрүүнүн негизги багыттары болуп аны азыркы индустриялуу базага көчүрүү, анда илимий-техникалык прогрессти тездетүү жана мунун негизинде анын натыйжалуулугун олуттуу түрдө жогорулатууну жана өнүктүрүүнүн тез, туруктуу темптерин камсыз кылуу эсептелет.

Азыркы этапта өлкөнү агрардык жактан өнүктүрүүнүн проблемалары партиянын экономикалык саясатында зор орунду ээлейт. Мунун өзү баарынан мурда өлкөнүн айыл чарбасы өзүнүн өнүгүшү жагынан өнөр жайга салыштырганда али да болсо артта калып келе жаткандыгы, ал жалпысынан өлкөнүн бүткүл экономикасын өнүктүрүүнү бир канча кечиктирип жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Өлкөнүн эл чарба комплексинде айыл чарбасынын мааниси эң зор болуп, төмөндөгү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Азыркы убакта социалисттик айыл-кыштакта өлкөнүн калкынын 40 процентке жакы-

ны жашайт, айыл чарба өндүрүшүндө бүткүл эмгекке жөндөмдүү калктын 24 проценти жана материалдык өндүрүш чөйрөсүндөгү кызматкерлердин 33 проценти иштейт. Өлкөнүн айыл чарбасында анын улуттук кирешесинин үчтөн бир бөлүгүнө жакыны түзүлүүдө Өлкөнүн айыл чарба өндүрүшү элдик керектелүүчү товарларды өндүрүү үчүн сырьёнун 70 процентин камсыз кылат. Айыл чарбасында жана өнөр жайдын айыл чарба сырьёсуна байланыштуу тармактарында элдик керектелүүчү фондунун төртөн үч бөлүгү түзүлөт. Бул маалыматтар онунчу беш жылдыктын негизги милдетин чечүү жана калктын материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу үчүн бул тармактын өзгөчө маанилүү экендигин көрсөтөт.

Бирок, «Чарбалар аралык кооперациянын жана агро өнөр жайлык интеграциянын базасында айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана концентрациялоону мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» КПСС БКнын белгилүү токтомунда айыл чарбасын өнүктүрүүнүн азыркы деңгели жана анын эң маанилүү продукцияларын өндүрүүнү өстүрүүнүн темптери өлкөнүн керектөөлөрүн али да болсо канааттандырбай жаткандыгы жана колхоздор менен совхоздордун мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келбегендиги белгиленген. Алардын экономикасынын көп тармактуу мүнөзү, аларда өндүрүштүн концентрациясынын начардыгы айыл чарбасында индустриялаштырууну жана илимий-техникалык прогрессти кечиктирип, атүгүл тоскоолдук кылып жатат. Бул токтомдо мындай деп айтылган: «Бул тармак азыркы илим менен техника тарабынан ачылып жаткан алдынкы чекке чыксын үчүн биринчи планга аны ургаалдаштыруу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу милдети коюлуп отурат. Бул милдетти чечүүнүн негизги жолдорунун бири — айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана концентрациялоо, аны азыркы индустриялуу негизге көчүрүү болуп саналат».

Айыл чарба өндүрүшүн зоналар жана райондор боюнча жайгаштыруу жана адистештирүү ургаалдаштыруунун чечүүчү факторлорунун бири болуу менен эмгекти коомдук-территориялык бөлүштүрүүнү туюнтат. Азыркы этапта айыл чарбасын өлкөнүн региондору боюнча рационалдуу жайгаштыруу, айыл чарба өндүрүшүн өнөр жайы менен бириктирүүнүн жана чарбалар

аралык кооперацияны өнүктүрүүнүн негизинде жогорку даражада концентрациялоо менен анын тармактарын терең адистештирүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн, колхоз-совхоз өндүрүшүнүн натыйжалуулугун олуттуу түрдө жогорулатуунун жана аны өнүктүрүүнүн темптерин тездетүүнүн түпкү проблемасына айланды.

Азыркы убакта колхоздор менен совхоздордо эмгекти жана өндүрүштү экономикалык стимулдаштыруунун гана эсебинен айыл чарбасындагы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жана аны тез темптер менен мындан ары тездетүүнүн мүмкүнчүлүктөрү көп жагынан түгөнүп отурат, бирок ошондой болсо да, ал КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленумунан кийинки мезгилдин ичинде аны өнүктүрүүдө олуттуу жылыштарды камсыз кылууда эбегейсиз зор мобилизациялоочу ролду ойноду. Ошондуктан партиянын XXV съезди тарабынан белгиленген айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жаңы этабынын негизги багыты жана магистралдык жолу болуп колхоздук-совхоздук өндүрүштүн техникалык, технологиялык, жана уюштуруучулук структурасын түп тамырнан бери өркүндөтүү эсептелет.

Азыркы шарттарда айыл чарбасын өнөр жай технологиясына көчүрүү, агро өнөр жай тибиндеги эң прогрессивдүү чарбалык структураны киргизүү жана аны бардык чаралар менен ургаалдаштырууга багыт алуу ар бир колхоз менен совхоздо өндүрүштүн туруктуу экономикалык шарттарын түзүүгө байланышкан. Мында кеп, биринчиден чарбалык эсептин принциптеринде өндүрүш ресурстарын акыл-эстүү жана үнөмдүү пайдалануунун негизинде ишкананы чарбалык жактан план ченемдүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу жөнүндө, болгондо да продукцияны реализациялоодон алынган каражат жумшалган чыгымдарды жабууга гана эмес, ошону менен бирге өндүрүштүн андан кийинки пландык өсүшүнө каражат топтоо фондусун түзүү, мамлекет менен өз ара эсептешүүлөрдү ишке ашыруу жана дагы башка фондуларды түзүү үчүн жетиштүү накта кирешени кутүүгө да тийиш экендиги жөнүндө, экинчиден топтолгон ачкаларды тийиштүү структурада жана сапатта буюм фондуларына өз убагында материализациялоо жөнүндө, үчүнчүдөн, продукция өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүгө, анын сапатын жогорулатууга жана өздүк наркын төмөндөтүүгө кызматкерлерди экономикалык жактан кы-

зыктыруу, төртүнчүдөн, алмашуунун баа катыштары жана пропорциялары өзгөрүп турганда мамлекет жана башка таламдаш мекемелер менен өз ара пайдалуу экономикалык мамилелерди өркүндөтүү жөнүндө болуп отурат. Кыскасын айтканда, мунун өзү ар бир колхоз менен совхоздо үнөмдөөнүн так режими, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана айыл чарба өндүрүшүнүн жогорку натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн камсыз кылуучу кирешелерди жана чарбалык чыгымдарды жөнгө салуунун рационалдуу чарбалык эсеп методдорун колдонуу дегендикке жатат.

Колхоздор менен совхоздор үчүн туруктуу экономикалык шарттарды түзүү жана алардын натыйжалуу иштеши жагынан али да болсо чечилбеген милдеттер жана кыйынчылыктар аз эмес.

Туруктуу экономикалык шарттарды түзүү баарынан мурда селодогу экономикалык кызматтын бүткүл системасын жана колхоз-совхоз өндүрүшүнүн сапаттык көрсөткүчтөрүн түп тамырынан бери жакшыртууга байланыштуу. Бул жагынан алып караганда төмөнкү сунуштар, биздин пикирибизче, көңүл бурууга арзыйт.

Биринчиси. Азыркы убакта колхоздор менен совхоздордо эки экономикалык кызмат — пландоо-экономикалык бөлүм жана бухгалтерия өзүнчө айрым иштейт. Натыйжада селодо бүткүл экономикалык кызматка бирдиктүү борборлоштуруп жетекчилик кылуу жок болуп отурат, мунун өзү бул эки кызматтагы кызматчылардын макулдашпагандыгына, бири бирин кайталашына жана көп учурларда бири-бири менен араздашууга чейин барууларына алып келет. Ал эми мунун өзү өз кезегинде бүткүл экономикалык иштин абалынын жана жалпысынан өндүрүштүн натыйжаларынын начарлашына алып келет.

Мына ушул эки кызматтын ишиндеги макулдашпагандык жана бири биринин ишин кайталагандык жөнүндө эң көп мисалдарды келтирүүгө болор эле. Бул тууралу экономисттер менен бухгалтерлер жакшы билишет. Бир гана мисал келтиребиз. Көптөгөн колхоздор менен совхоздордо борбордук бухгалтериянын составында эсептешүү бөлүмдөрү бар, алардын кызматкерлери эмгектин жумшалышын жана кызмат акыны эсептөө боюнча документтерди кабыл алып иштейт да, анын чыгымдалышына жана начисленнелердин тууралыгына

контролдук кылат. Бирок кызмат акы фондусунун чыгымдалышына жана аны начисление кылуунун тууралыгына башкы экономист жана эмгек боюнча экономист контролдук кылат, ошого карабастан бул документтерге алардын кол коюшу карабаган. Мына ошентип бир эле документтер бир кызмат тарабынан кабыл алынып иштелет да, экинчиси тарабынан контролдук кылынат.

Селодо экономикалык кызматты уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасы бул эки кызматты башкы экономист, экономикалык маселелер боюнча чарбанын жетекчисинин орун басары баш болуп бир кызматка бириктирүүнүн натыйжалуулугун көрсөтүп отурат. Бул учурда колхоздор менен совхоздордун чарбалык ишин пландаштыруунун, учетко алуунун жана анализдөөнүн негизги маселелерин чечүүдө биримдүүлүктү камсыз кылат, мунун өзү андагы эсептегич кызматкерлердин штатын бир кыйла кыскартууга алып келет.

Экинчиси, чарбанын экономикасынын негизги сапаттык көрсөткүчтөрүн түп тамырынан бери жакшыртуунун мааниси жана зарылчылыгы ачык айкын экендигине карабастан адистер менен жетекчилер өздөрүнүн күндөлүк көңүлүн негизинен айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмдүк көрсөткүчтөрү боюнча пландык тапшырмаларды аткарууга бурушат. Мунун өзү туура. Бирок, колхоздор менен совхоздордо өндүрүштүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү төмөндөп отурган кезде сапаттык көрсөткүчтөр (эмгек өндүрүмдүүлүгү, продукциянын өздүк наркы, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү, фондунун акталышы, продукциянын сапаты ж. б.) жөнүндө унутууга болбойт.

Ошондуктан колхоздор менен совхоздордун пландык көрсөткүчтөр системасына продукциянын сапатынын, фондунун акталышынын, эмгек акы менен анын өндүрүмдүүлүгүнүн темптеринин катышынын көрсөткүчтөрү ж. б. киргизүү жөнүндөгү маселени карап чыгуу максатка ылайыктуу. Мында жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгүнө, продукциянын өздүк наркынын төмөндөтүлүшүнө жана өндүрүштүн фондуну керектөөсүн азайтууга, продукциянын жогорку сапатына, эмгек өндүрүмдүүлүгү менен эмгек акынын ортосундагы оптималдуу катышка жетишкендик үчүн чарбалардын адистери менен жетекчилерине моралдык

жана материалдык жактан дем берүүнү, ошондой эле алардын аткарылбагандыгы үчүн кызматкерлердин толук жооп беришин камсыз кылуу зарыл. Бул болсо биздин пикирибизче, өндүрүштүн натыйжалуулугун жана андагы жумуштардын сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтөр эле.

Белгилүү болгондой чарбалар аралык кооперациянын жана агро өнөр жайлык интеграциянын базасында өндүрүштү терең адистештирүү жана концентрациялоо боюнча азыркы убакта жүргүзүлүп жаткан процесс айыл чарбасын өнүктүрүүдө өзгөчө маанилүү, сапат жагынан жаңы этапты, өнүккөн социализмдин тийиштүү мезгилин айкындайт.

Коомдук өндүрүштүн ири чөйрөлөрүнүн бири катарында айыл чарбасынын ичинде адисдештирүү процесси эң татаал болуп саналат да, үч деңгелди ишке ашырылат: эмгекти жалпы союздук бөлүштүрүүнүн системасындагы алардын ролун жана ордун эске алуу менен республиканын масштабында; зоналар жана айыл чарба райондору боюнча республиканын ичинде; акырында тармактарды рационалдуу айкалыштыруу менен туура адисдештирүүнү белгилөө боюнча айрым айыл чарба ишканаларынын ичинде.

Айыл чарбасын экономикалык жактан максатка ылайыктуу адисдештирүүнүн негизги шарты болуп жалпы элдик (мамлекеттик), коллективдик жана жеке таламдардын туура айкалышуусу эсептелет. Продукциянын бирдигине чагып эсептегенде эмгекти жана каражаттарды эң аз жумшоо менен коомго керектүү айыл чарба продуктыларын өндүрүү рационалдуу жайгаштыруунун жана туура адисдештирүүнүн деңгелин баалоонун жана аныктоонун шарты болуп саналат.

Азыркы убакта биздин өлкөбүздүн айрым региондорунда айыл чарбасын жана өнөр жайды кооперативдештирүүнүн, агрардык-өнөр жай комплекстерин жана бирикмелерин түзүүнүн базасында өндүрүштү адисдештирүүнү жана концентрациялоону терендетүү боюнча зор тажрыйба топтолду. Азыр өлкөбүздө 8 миңге жакын адисдештирилген чарбалар аралык комплекстер, бирикмелер жана ишканалар иштейт.

Биздин республикада азыркы убакта «Кыргызживпром», «Кыргызптицепром», «Кыргызпчелопром», эки

илимий-өндүрүштүк бирикме, «Агросахсвеклопром» агро өнөр жай бирикмеси, багбанчылык жана жүзүмчүлүк боюнча чарбалар аралык бирикмелер, райондук асыл топурак бирикмелери ж. б. иштеп жатат. Мал семиртүү боюнча 29 мамлекеттик-колхоздук бирикме, тоют өндүрүү боюнча — 13 бирикме, ар бири 400—1600 уйга болжолдонгон сүт өндүрүү боюнча 82 комплекс, кунажындарды өстүрүү боюнча — 8, чочко этин өндүрүү боюнча — 2, кой семиртүү жана козуларды өстүрүү боюнча 17 комплекс менен аянтчалар, 7 райондук «асыл топурак» бирикмеси, 7 мамлекеттик канаттуулар фабрикасы жана башкалар иштөөдө. Бул чарбалар аралык ишканалар, комплекстер жана бирикмелер республиканын айыл чарбасынын бүткүл дүң продукциясынын 20 процентин өндүрөт. Аларда кыска мөөнөттүн ичинде жогорку өндүрүш өндүрүмдүүлүгү камсыз кылынган. Мисалы, жалпысынан «Кыргызживпром» ишканаларында негизги сапаттык көрсөткүчтөр республиканын бардык колхоздору менен совхоздору боюнча орто эсеп менен алгандагыдан жогору: мүйүздүү бодо малдын орточо суткалык кошумча салмагы — 2 эсе, чочколордуку — 3 эсе, эмгек өндүрүмдүүлүгү — 2 эсе, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 2,4 эсе жогору болуп отурат, аларга продукциянын өздүк наркы да бир кыйла төмөн.

Ошондуктан партиянын XXV съездинин отчеттук докладында жолдош Л. И. Брежнев мындай деп көрсөткөн: «...өндүрүштүн көлөмүн тез өстүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн олуттуу жогорулатуунун жана өздүк наркты төмөндөтүүнүн зор мүмкүнчүлүктөрү чарбалар аралык кооперативдештирүүнүн жана агро өнөр жайлык интеграциянын базасында өндүрүштү адистештирүүдө жана концентрациялоодо орун алган». Адистештирүүнүн, башкача айтканда айыл чарбасынын бир түркүн продукциясын илимий-техникалык прогресстин эң жаңы жетишкендиктерин колдонуу менен индустриялык методдун аркасында массалык түрдө өндүрүүнүн артыкчылыгы дал ушунда.

«Чарбалар аралык кооперациялоонун жана агро өнөр жайлык интеграциялоонун базасында айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана концентрациялоону мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда агрардык-өнөр жайлык кооперативдештирүү жана айыл чарбасын өнөр жайлык технологияга которуу

аны мындан ары да өнүктүрүүнүн негизги багыты, лениндик кооперативдик пландын идеяларын практика жүзүндө ишке ашыруунун жаңы этабы болуп саналат.

Агрардык-өнөр жайлык кооперативдештирүүнүн эбегейсиз зор мааниси жана негизги мазмуну төмөндөгүлөр.

Биринчиден, бул—айыл чарбасында өндүрүштү социалисттик жалпылоонун жаңы этабы. Бул— эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн дагы да тереңделиши, айыл чарба эмгегин кеңири индустриялаштыруу. Бул — айыл чарбасын өнөр жай менен интеграциялоо, мунун өзү коммунизмдин материалдык-техникалык базасынын составдык бөлүгү катарында селодо азыркы материалдык-техникалык базаны тездик менен өнүктүрүүнү камсыз кылат;

экинчиден, бул багыт айыл-кыштактардагы өндүргүч күчтөрдү тездик менен өнүктүрүүнүн айыл ,чарба өндүрүшүн дагы да өстүрүүнүн, анда илим менен техниканын жетишкендиктерин эң толук пайдалануунун кубаттуу фактору болуп саналат;

үчүнчүдөн, ал биздин айыл чарбабыздын келечегин көп жагынан аныктоо менен зор социалдык ролду ойнойт. Ал селодо өндүрүштүк мамилелерди дагы да өркүндөтүүгө, социалисттик менчиктин эки формасынын бара-бара жакындашуусуна жана келечекте алардын бирдиктүү жалпы элдик менчикке айланышына жана шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы орчундуу айырмачылыктарды жоюуга байланыштуу ири проблемаларды ийгиликтүү чечүүгө багытталган;

төртүнчүдөн, өндүрүштү жалпылоонун улам өсүп жаткан деңгели кооперативдештирүү процессин күчөтүү эмгектин мүнөзүнө жана уюштурулушуна активдүү таасир тийгизип, коммунисттик коомдук мамилелерди түзүү, адамды бардык жагынан өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Айыл чарба эмгеги индустриялык эмгектин белгилерине улам барган сайын ээ болуп келе жатат.

Жумушчулар менен дыйкандардын бир туугандык союздаштыгына негизделген шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы өндүрүштүк байланыш өнөр жай менен айыл чарбасынын өндүрүштүк-экономикалык ынтымакташтыгынын эң жогорку формасына закон ченемдүү түрдө өсүп чыгат.

Бирок, эгер мына ушул талашсыз жетишкендиктерге коомдун туруктуу өсүп жаткан керектөөлөрүн эң толук канааттандыруу жагынан алып караоочу болсо, анда айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүнүн жана анын өндүрүмдүүлүгүнүн азыркы деңгелин жетиштүү деп эсептөөгө болбойт, бул деңгел бир кыйла ашып түшүүгө тийиш. Мында айыл чарба өндүрүшүн өстүрүүнүн туруктуулугу али жетишсиз.

«Чарбалар аралык кооперациялоонун жана агроөнөр жайлык интеграциянын базасында айыл чарба өндүрүшүн адисдештирүүнү жана концентрациялоону мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» КПСС БКнын токтомунда айыл чарбасын өнүктүрүүнүн азыркы деңгели жана алардын эң маанилүү продуктыларын өндүрүүнүн азыркы деңгели жана алардын эң маанилүү продуктыларын өндүрүүнүн өсүш темптери өлкөнүн улам өсүп жаткан керектөөлөрүн али да болсо канааттандырбай жаткандыгы жана колхоздор менен совхоздордун мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келбегендиги белгиленген.

Колхоздук-совхоздук өндүрүштүн көп тармактуу бытыранды структурасы мурда социалисттик айыл чарбасын орнотууда жана өнүктүрүүдө зор мааниге ээ болгон болсо, эми ал, жолдош Л. И. Брежнев бир нече жолу айтып кеткендей, дыйканчылык менен мал чарбасын индустриялаштыруунун, бүткүл айыл чарба өндүрүшүн ургаалдаштыруунун жана илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин киргизүүнү тездетүүнүн процессине тоскоолдук кыла баштады.

Өндүрүштү терең адисдештирүүнүн жана концентрациялоонун жолуна али түшпөгн республикабыздын жана жалпысынан өлкөбүздүн көптөгөн колхоздору менен совхоздорунда продукциянын бирдигине эмгектин жана материалдык-акча каражаттарынын негизсиз түрдө көп жумшалышына али да болсо жол берилет, эмгек өндүрүмдүүлүгү, фондунун акталышы жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгү жайбаракаттык менен өсүүдө, ал эми бир катар учурларда атүгүл төмөндөп да кетүүдө, машина-трактор паркын жана капиталдык салымдарды пайдалануунун натыйжалуулугу али да болсо төмөн бойдон калып келе жатат, чарбалар ортосундагы кооперациялоонун жана агро өнөр жайлык интеграциялоонун базасында айыл чарба өндүрүшүн терең адисдештирүү жана

концентрациялоо жайбаракаттык менен чечилүүдө, ушул убакытка чейин ички чарбалык эсеп киргизилген эмес ж. б.

Майда-майда тармактары бар колхоздор менен совхоздордо өндүрүштүн универсалдуу, көп тармактуу мүнөзү айыл чарба өндүрүшү комплекстүү механизациялоону жана автоматташтырууну тездик менен киргизүү, ошондой эле айыл чарбасында иштегендердин квалификациясын жогорулатуу үчүн атайылаштырылган машиналардын жогорку натыйжалуу системаларын түзүүнү жана пайдаланууну көп жагынан токтотуп турат. Ал эми бул болсо өз кезегинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн деңгели жана темптери боюнча өнөр жайдан айыл чарбасынын артта калышын ого бетер күчөтөт.

Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүнүн тармактык структурасы жана анын республиканын зоналары боюнча адистештирилиши түзүлгөн жаратылыш-экономикалык шарттарына негизинен ылайык келет. Бирок жакшылап изилдеген кезде айыл чарба өндүрүшүн тармактык, райондук ички чарбалык адистештирүүдө орчундуу кемчиликтердин бар экендиги аныкталат, мунун өзү айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жана анын натыйжалуулугун жогорулатуунун темптерин токтотот.

Азыркы убакта республиканын айыл чарбасында, өзгөчө колхоз секторунда өндүрүштүн көп тармактуу чачынды структурасы негизинен али да болсо сакталып келе жатат, мунун өзү илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин жана алдынкы тажрыйбаны колхоздук-совхоздук өндүрүшкө киргизүүнү жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну бир канча кечиктирет. Көптөгөн өндүрүш зоналарында, өзгөчө Түштүк Кыргызстандын, Чүй өрөөнүнүн чарбаларында жана дагы башка өрөөндүк райондордо товардык тармактардын саны 14—16 наамга чейин жетет, бул болсо колхоздор менен совхоздорду чарбанын көптөгөн майда-майда, бир катар учурларда аз натыйжалуу жана а түгүл натыйжалуу эмес товардык тармактарды өнүктүрүүгө түрткү болуп отурат. Пландаштыруунун мындай практикасы чарбалардын жетекчилери жана адистер тарабынан тармактардын мындайча айтканда «пайдалуу» жана «пайдасы жок» түрлөрүнө бөлүнүшүн туудурат, мунун өзү колхоздор менен совхоздордо өндүрүштү рационалдуу адистештирүүнү жана концентрациялоону, чарбалардын

экономикасынын ар түрдүү тармактарында иштеген коллективдерди экономикалык жактан стимулдаштырууну ишке ашырууга терс таасир этет.

Кыргызстан КП БКнын VII Пленуму КПСС БКнын белгилүү токтомун турмушка ашыруу иретинде чарбалар аралык кооперациянын жана агро өнөр жайлык интеграциянын базасында Кыргыз ССРинин айыл чарба өндүрүшүн адисдештирүүнү жана концентрациялоону өнүктүрүү боюнча, «чараларды» талкуулап, негизинен кубаттады. Окумуштуулар жана айыл чарба адистери тарабынан иштелип чыккан бул чараларда республиканын негизги өндүрүштүк зоналары боюнча 1980-жылга чейинки мезгилде жана келечекте мына ушул маанилүү процессти өнүктүрүү каралган. Бул чараларда республиканын негизги айыл чарба зоналары боюнча чарбалар аралык жана агро өнөр жайлык кооперативдештирүүнүн базасында айыл чарба өндүрүшүн адисдештирүүнүн жана концентрациялоонун перспективалары негизинен туура аныкталган. Азыр ар бир райондун конкреттүү шарттарында чарбалар аралык кооперативдештирүүнүн базасында айыл чарба өндүрүшүн зона ичиндеги, район ичиндеги жана чарба ичиндеги терең адисдештирүүнү жана концентрациялоону иштеп чыгуу илим-изилдөө мекемелеринин кызматкерлери жана айыл чарба адистери менен бирдикте жергиликтүү советтик жана айыл чарба органдарынын негизги милдети болуп саналат. Мында колхоздордун жана совхоздордун азыркы фермаларын жана башка өндүрүш имараттарын реконструкциялоо менен жаңы курулуштарды оптималдуу айкалыштырууну, мал чарбасы боюнча жаңы комплекстер үчүн толук баалуу жана туруктуу тоют базасын түзүүнү камсыз кылуу өзгөчө маанилүү.

Республиканын ар бир айыл чарба зонасында жана административдик районунда майда-майда товардык тармактарды ала турган болсок өзгөчө бардык дээрлик чарбаларда анчалык чоң эмес өлчөмдөрдө жайгашкан продукциялардын «пайдалуу эмес» түрлөрү үчүн өнөр жайлык негизде чарбалар аралык бирикмелерди жана комплекстерди түзүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу зарыл.

Кыргыз ССРинде мал чарба продукциясын өнөр жайлык негизде өндүрүү тармактагы ургаалдаштыруунун жана илимий-техникалык прогресстин негизги ба-

гытына айланат. Республикабызда ири мал чарба комплекстерин, өзгөчө мал чарба бирикмелерин кеңири тармакта түзүү экономикалык жактан максатка ылайыктуу. Алардын жогорку натыйжалуулугу жөнүндө иштеп жаткан комплекстердин жана чарбалар аралык бирикмелердин практикасы далил болот.

Биздин республикада азыркы убакта да, ошондой эле кийинки келечекте да эт өндүрүүнү көбөйтүү боюнча милдеттерди ишке ашырууда мүйүздүү бодо мал чарбасын, кой чарбасын, ошондой эле канаттуулар чарбасын мындан ары да өнүктүрүүнүн мурдакыдай эле чечүүчү маанiси бар.

Республикада уй этин өндүрүүнү көбөйтүүнүн жана анын сапатын жогорулатуунун негизги багыты музоторпокторду ыкчамдатып өстүрүү, малды өнөр жайлык жол менен бордоп семиртүүнү кеңири уюштуруу, эт багытындагы адистеширилген мал чарбасын тездик менен өнүктүрүү болууга тийиш. Жакын арадагы жылдарда этке төгүлүүчү малдын бир башынын орточо тирүү салмагын 360—400 килограммга чейин жеткирүү зарыл жана союлуучу малдын санын бир кыйла көбөйтүү керек.

Кой өстүрүү чарбасында козулдарды өстүрүүнү дагы да ыкчамдатуу, аларды өнөр жай комплекстеринде бордоп семиртүү, койлордун санын жана продуктуулугун жогорулатуу, мамлекетке тапшырылуучу койлордун ар биринин тирүү салмагын жакын арадагы жылдарда 48—50 килограммга чейин жеткирүү кой этин өндүрүүнү көбөйтүүнүн башкы багыты болуп саналат.

Канаттуулар чарбасында колхоздук-совхоздук фермалардын базасында колдогу жана курулуп жаткан канаттуулар фабрикаларынын ишканаларын түзүү, жаңы мамлекеттик канаттуулар фабрикаларын куруу, калкка жөжөлөрдү жана аралаш тоюттарды кеңири сатууну уюштуруу жана канаттуулардын продуктуулугун бир кыйла жогорулатуу куш этин өндүрүүнү көбөйтүүнүн негизги багыты болууга тийиш.

Биздин республикада мал чарбасын өнүктүрүүдө туруктуу жана сапаттуу тоют базасын түзүү проблемасы курч проблема бойдон калып келе жатат. Ошондуктан бул үчүн жакын арадагы жылдарда табигый жайыттарды түп тамырынан бери реконструкциялоону, сугат

жана кайрак жайыттардын аянтын бир кыйла көбөйтүүнү камсыз кылуу, кубаттуу аралаш тоют өнөр жайын түзүү, химиялык заттар менен микроэлементтерди жана тоют даярдоонун эң жаңы технологиясын кеңири колдонуу зарыл. Дал ушунун өзү менен малдын санын өстүрүүнү жана анын продуктуулугун жогорулатууну, экинчи жагынан республиканын бардык колхоздору менен совхоздорунда жана бирикмелеринде зарыл жана сапаттуу тоют базасын түзүүнү камсыз кылуу керек.

Келечекте республикада 100дөн ашуун чарбалар аралык адистештирилген кой өстүрүү бирикмелерин, 40тан ашуун чарбалар аралык багбан-жүзүмчүлүк жана жер-жемиш өстүрүү комплекстерин, 15 канаттуулар фабрикасын жана асыл тукум канаттуулар заводун, 5 теплица комбинатын, индустриялуу негизде мүйүздүү бодо малды бардоп семиртүү боюнча 30га жакын чаралар аралык бирикмелерди, 30дан ашуун чарбалар аралык музоо өстүрүү ишканаларын жана башкаларды түзүү каралган.

Кийинки мезгилде өндүрүштү терең адистештирүү жана жогорку концентрациялоону жүргүзүү менен илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө негизделген айыл чарбасындагы эмгекти жана өндүрүштү уюштуруу жагынан түп тамырынан берки өзгөрүүлөр сырьё өндүрүүчү айыл чарба ишканалары менен алардын продукциясын кайрадан иштетүүчү өнөр жайдын ортосундагы өз ара экономикалык жана технологиялык мамилелердин бүткүл системасына чечүүчү таасир көрсөттү. Технологиялык жактан жакын айыл чарба жана өнөр жай ишканаларынын өз ара мамилелерин мындан ары өнүктүрүү жана тездетүү өндүрүш сырьёсу — аны кайрадан иштетүү — даяр продукцияны өткөрүү схемасы боюнча алардын экономикалык интеграциясына алып келди.

Технологиялык жактан өз ара байланышкан айыл чарба жана өнөр жай ишканаларын бирдиктүү өндүрүшкө органикалык түрдө бириктирүү — өнүккөн социализмдин шарттарында коомдук өндүрүштү өнүктүрүүдө жана анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууда сапат жагынан жаңы этап болуп саналат. Эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгү жана өндүрүштүн натыйжалуулугу камсыз кылынып жаткан бул комплекстерде

коомдук өндүрүштү ургаалдаштыруунун эң жогорку жаңы даражасы жөнүндө иштеп жаткан агрардык-өнөр жай бирикмелеринин тажрыйбасы далил болот. Ошондуктан Кыргызстанда агро өнөр жайлык бирикмелер келечекте кеңири өнүгүшкө ээ болууга тийиш.

МАЗМУНУ

Кириш сөз 3
1. Эмгек жана анын коомдук мүнөзү 7
2. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн бардык чаралар менен жогорулатуу — коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун эң маанилүү шарты 18
3. Айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги багыттары 31
4. Интеграция — айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эң маанилүү фактору 54

ЭКОНОМИКА И ПРОГРЕСС

Лайлиев Жумакан Сулайманович

ЧТО ТАКОЕ
ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТЬ ТРУДА?

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор А. Секимов
Көркөм редактор Н. Таранов
Тех. редактор Ж. Сооронкулова
Корректор Н. Борбутаева

ИБ № 725

Терүүгө 10.04. 1979-ж. берилди. Басууга 20.05. 1979-ж. кол коюлду. Д—07838. Кагазы типографская № 3. Адабий арнби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84x108 1/32. 2,5 физ. басма табак, 4,20 шарттуу басма табак, 4,130 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 1427. Баасы 15 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси, Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

15 т.